

3
"Калыстардын сахнага чыгышын күттүм"



12
"Атамбаев Отунбаеванын "самозванка" деди"



САРЕСЕП
saresep.kg
8-сентябрь, 2016-жыл
№35 (68)
Калыс көз караш!



# Каримовду «халва» десең эле «таттуу» болуп кетпейт





10-бетте



## ДКО: Эртеңкинин суроосу - акчалар кайда?

5-бетте



## Тез жардамдын өзүнө жардам керек

6-бетте



## Аталышы да, орду да талаш жараткан Ункар-Тоо

11-бетте

GREEN CITY
eco hotels & resorts

Green City мейманканасы
бир орундуу бөлмөлөр,
эки орундуу бөлмөлөр,
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан, бизнес ланч
Тынчтык пр., 16
+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50

Green City мончосу
түрк хамамы, орус мончосу,
туз камерасы, бассейн, массаж,
балыктар менен пилинг,
жаш балдар бөлмөсү ж.б.
Исакеев көч., 2а
www.greencity.kg

+996 312 89 67 67
+996 550 89 67.67
+996 701 79 67 67

# Кыргыз жараны: “Жардырууга тиешем жок”

Бишкектеги Кытай элчилигинде терракт уюштургандардын аты жөнү такталды. Издөөгө алынгандардын бири Стамбулдагы “Адал Тур” компаниясынын 29 жаштагы кызматкери Мубарак Турганбаев жардырууга тиешеси жок экенин Марал радиосуна билдирген.

Анын айтымында,«Бурханеддин Жантөрөев аттуу жаран 1-июль күнү Бишкектен Искендер деген балага 5 миң доллар берип кой деп, телефон номерин да жазып берген. Акчаны Искендерге Бишкектеги «Адал Тур» компаниясынын кызматкери Рома карматкан. Буга чейин да Бурханеддин акча жөнөтүп турган. Биз акча которуудагы кызматыбызда 0,5–0,3 пайызын кармап калчубуз. Биздин компания аркылуу Кыргызстан менен Түркиядагы жарандар акча которуп турушат», — дейт издөөдө жүргөн Мубарак Турганбаев.

Бурханеддин Жантөрөевге 5 миң долларды Стамбулдун Пендик деген районунун тургуну Бахтияр аттуу жаран бергенин Турганбаев кошумчалады.

УКМКнын басма сөз катчысы Рахат Сулайманов билдиргендей, жардырууга буйрутма бергендер Сирияда экстремисттик аракеттерди ишке ашырып жүргөн “Жабхат-ан-Нусра” жана “Жамаат Таухид ва жихад” тобунун мүчөлөрү экени такталды. Анын курамына уйгурлар да кирген.

Жардыруу уюштурууга шектелип, беш киши колго түштү. Төрт адамга издөө жарыяланды.



# Кытайдан арзан, сапаттуу интернет

“Эл Кат”компаниясы Кытайдын “China Unicom” компаниясы менен сыноо режиминде эки түйүндү бириктирди. “Эл Кат” компаниясы Кытай эл республикасынын байланыш оператору менен бардык Кытай интернет түйүндөрү менен байланышын улады. Бул тууралуу компаниянын пресс-кызматы билдирди.

Бул жөнөкөй колдонуучулар кытай серверлеринен веб-баракчаларды тез ача алат дегенди түшүндүрөт. Андан сырткары, Интернет-мессенжерлер аркылуу үн берүүнүн ыңгайлуу шарттары бар. Кыргызстандын аймагындагы интернет колдонуучулар Кытайдын колдонуучулары менен онлайнда сапаттуу видео жана аудиоматериалдарды алмаша алышат.

Аталган компания мындан ары да Түштүк-Чыгыш Азия боюнча трафик алмашууну өркүндөтүүнү мерчемдеп жатат.



# Өрттөнгөн басмакананын директору чыгымдарды төлөп бергенге даяр

Москвада өрт учурунда каза болгон кыргызстандык кыз-келиндерди басмакананын жетекчиси мыйзамсыз жумушка орноштурганын моюнга алды. Бул тууралуу анын жактоочусу билдирди.

Анын айтымында, курман болгон кыздар туруктуу иштеген эмес. Алар патентсиз эле жумушка алынган. “Сергей Москвин өлгөндөрдүн туугандарынын бардык чыгымдарын төлөп берүүгө даяр. Ал каражат маселелерин чечүү үчүн алгач тергөөдөн качып кеткен. Үч адам акчаларын алды”,-деди жактоочу.

Басмакананын директору өрт боюнча толугу менен күнөөсүн моюнга алган. “Бул менин көз карашыман айырмаланып турат. Менимче, кырсык болду жана басмакананын жетекчиси айыптуу эмес”,-деди анын жактоочусу Елена Звездина.

Ал өрт коопсуздугу үчүн басмакананын башкы инженери жоопту болгонун, трагедиядан кийин ал федералдык издөөгө алынганын баса белгиледи. Жакынкы күндөрү сот ишкердин баш коргоо чарасын карайт.



Орусия Башкы прокуратурасынын аныктамасы боюнча каза болгон кыргызстандык кыз-келиндердин экөө гана Орусияда легалдуу түрдө иштеп жүргөн жана Москвада каттоодо турган. Ошол эле маалда басмакана өзү төрт жылдан бери өрт кызматтары тарабынан текшерилген эмес.

# Мугалимдер маянаны өз убагында алышты

Экинчи Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүү өлкөнүн бюджеттик уюмдарынын кызматкерлерине маяналы өз убагында төлөп берүүгө эч кандай таасир этпейт. Өкмөткө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунан башка бюджеттик уюмдардын бардыгы “эмгек акы” беренеси боюнча акча каражаттарын өз убагында алышты. Бул туурасында Финансы министрлигинин Борбордук казынасынын директорунун орун басары Марлен Амандыков билдирди.

Белгилей кетсек, кечээ жакында бир катар жалпыга маалымдоо каражаттарында II Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүүгө айынан билим берүү жана саламаттык сактоо жаатында эмгектенгендердин эмгек акысынан кармоо жүргүзүлүп жаткандыгы тууралуу маалымат тараган. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бюджеттик уюмдардын кызматкерлеринин маяналарынан кармоо жүргүзүлүп жаткандыгы тууралуу ар кандай маалыматтарды төгүндөйт.



Марлен Амандыков билдиргендей, мугалимдер менен медиктердин эмгек акысынан кармоо боюнча эч кандай буйрук же көрсөтмө болгон эмес.

БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Өзбекстан ЕАЭБге ыкташы мүмкүн

Талдоочулардын көбү адамга тиешелүү субъективдүү факторлорго көңүл буруп, адамдын эркинен сырткары болуп кеткен объективдүү тараптар каралбай калып жатат дейт. Ислам Каримов жетектеген өтмүштү жана Өзбекстандын келечегин карап жалаң жакшы жагы айтылууда. Кээ бир серепчилер, тетирисинче, негатив тарапка көбүрөөк басым кылууда.

Азыр Каримовдон кийин ким келет деген суроого жооп издегендердин көпчүлүгү учурдагы премьер-министр Шавкат Мирзаев Өзбекстандын президенти болот деген пикирде. Орусиянын ажосу Владимир Путин Бээжинден кайтып келе жатып Ислам Каримовдун кабырына гүлдесте коюп, коңшулардын учурдагы премьери менен жолугушуусу серепчилерге Өзбекстанда евразиялык жана орусиялык дипломатия жеңди деген жорумдарга себепкер болууда. Демек, жакында өзбек бийлиги тарабынан Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) жылуу сөздөр айтыла баштайт. Бул болсо Борбор Азиянын толугу менен ЕАЭБге ыктоосуна күчтүү түрткү болот.

Түштүк Кытай деңизинде Америка Кошмо Штаттары менен Кытайдын тирешүүсүнөн суулар кайнай баштады. Бул болсо дүйнөдө эң көп адам жашаган аймакка энергоресурс ташыган кемелер өтүүчү Малак кысыгынын өтүмдүүлүгүнө таасир берет. Андан сырткары, кургакчылык аркылуу жеткирүү учактан арзан жана деңиз жолунан тезирээк болушу бүткүл дүйнөнүн көңүлүн биздин аймакка бурдуруп турган учур.

Геосаясий жагдайдан караганда мындай абалдын Кыргызстан үчүн бир топ пайдалуу жагы болот. Эгер бирдиктүү чечим кабыл алуу жана башкаруу ишке аша баштап, дили, тили жана дини бир Борбор Азия менен Казакстан бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгара баштаса, ЕАЭБде орусиялык төбөлдөрдүн басымдуулугун теңдеп, эң ыкчам өнүгүп келе жаткан Кытай жана Ыраакы Чыгыш мамлекеттери менен технология жактан алдыга озгон батыш дүйнөсүн темир жана унаа жолдору менен бириктире алат. Албетте, ар бир тууган өлкө жана «бир боор энебиз» мындан өзүнө тиешелүү пайдасын көрөт.

Бизде баланчанын жүз жылдыгы, түкүнчөнүн эки жүз жылдыгы деген тойлор менен убакыт өтүп, аткаминерлер майрамдан-майрамга шашып атканда дүйнө жүзүндө не бир өзгөрүүлөр болуп жатат. Бир кездерде уу-дуу болуп чыккан Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолу долбоору азыр дымып тургандай. Эгер маселени ушул жагынан карасак «Кытай темир жолду ар бир айылыбызды аралатып өткөрсүн. Короомдогу кыгымды чыгарат элем» деп майда-чүйдө менен баш ооруп, ишти татаалдаштыра бербей, эптеп ушул долбоорго кошулуп, дүйнөлүк агымдын бир жерине илээшип калыш үчүн темир жол аз да болсо биздин аймакты аралап өтсүн дегенге жетишкенибиз дурус болчудай. Болбосо ушундай дымагы күч болуп турган Кытай биздин ар бир «эркелигибизге» карап отурбай, башка жол менен деле кете бериши мүмкүн...

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК “Горизонт Медиа”
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева


**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Тел.: (0312) 68 07 34, (0702) 00 45 71
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 68-07-34, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6000**
**Буйрутма № 1961**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. “ММК колдоо борбору” фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП

# Ажобуз «учурунда айкырып койсом иш бүтөт» деген ойдо



**Ажобуз Алмазбек Атамбаевдин Өзбек президенти Ислам Каримовдун жаназасына барбаганы көп адамдын наааразылыгын жаратты. Мындай сын айткандардын арасында коомдук ишмер Эдиль Байсалов «Үңкүр-Тоо маселеси эмне мынча ырбады жана аны кандай чечүү керек?», - деген суроого төмөнкүдөй пикир билдирди:**

– Айланайын мекендештерим, демиңерди сууткула! Жакшы согуштан жаман тынчтык артык. Акмак шыкакчыларга кулак салбагыла. Чыныгы мекенчилдик чек араны токтоолук жана ырааттуу макулдашуу менен чечилерине бөркүңөрдөй ишенгиле. Керек болсо буга ондогон жыл коротсок да болот. Чек араны жылдап тактоо адатка айланган. Бул маселени чечүүдө компромисске баруу, бири-биринин кызыкчылыгын эске алуу жана кээ бир учурда эпке келүү зарыл.

Атамбаев баштаган аткаминерлер элдин эң төмөн сезимдери менен ойноп кыныгын алды. Ошондуктан алар кошуналыкты эске албай, мерчемдүү жана ырааттуу иш кылбай, «учурдан пайдаланып айкырып калсам иш мен каалагандай чечилет» деген ойдо.

Мындан бир нече жыл мурун Атамбаев бардык маселени жакында өтүп кеткен Ислам Каримов жаратып атат, бир аз күтө турсак ал оо дүйнөгө узайт, анан чек ара көйгөйүн каалаганыбыздай чечебиз деген сыяктуу ой айткан. Өзбекстандын жаңы бийлиги өз элинин көңүлүн алыш үчүн чек ара маселесинде Каримовдон да катуу болорун чек ара менен эл аралык алакаларды үстүртөн билген адам да андап турат. Биздин президент болсо Ислам Каримовдун жаназасына барбай, бул өлкөнүн жаңы жетекчилери менен жаңылanган ымала кылуу мүмкүндүгүнөн кол жууп отурат. Ошондуктан Атамбаевдин өзүнүн логикасына салып, бир тууган Өзбекстан калкына: «Бир жыл күтө тургула, Атамбаев да кетет! Андан кийин эки элге тиешелүү бардык маселелерди бири-бирибизди урматтоо, компромистерге баруу жана жалпы кызыкчылыктарды эске алуу принциптери менен чечебиз. Биздин бир-тууган жана ээзелки коңшу элдерибизге дал ушундай мамиле жарашат» демекчибиз.

"Мазарабыз бир, базарыбыз бир", жүз караша албай калганчалык биротоло бөлүнүп кете албайбыз! Биз бириккенде гана өнүгө алабыз. Биз талашкан нерселер окшоштугубуз. Бул маселелер биргелешип жашаган тарыхыбыздын алдында кыпынга да турбайт. Арабыздагы сасык саясатчылар жоголсун! Жашасын тынчтык!

# Өзбек коопсуздук кызматы менен ымалам жакшы



**Үңкүр-Тоодогу телемунаранын 4 кызматкери Өзбекстанда абакта жатканына эки аптанын жүзү болду. Камактагылардын үй-бүлөлөрү ушу тапка чейин жакындарынан кабарсыз экенин айтып зар какшап отурат. Ал арада аксылыктар маселени бийлик чече албаса, өзүбүз чечүүгө мажбурбуз деп чыкты. Улуттук коопсуздук кызматынын мурдагы жетекчиси Марат Иманкулов элдин маселеге аралашып кеткенине түздөн-түз бийлик башындагыларды күнөөлөйт. Ал эл аралашып кетсе окуянын аягы ызы-чууга айланып кетет деп чочулайт.**

– Мына эки жумадан бери мамлекет эч бир аракет көрө элек. Баары жабылып көчмөндөр оюнунда жүрөт. Кагаз жүзүндө нота жибердик, талап кылдык деген куруլай сөзү эле болбосо, иш жүзүнө аша элек. 2 жумадан бери жоопкерчиликти биринебири түртүп отурат. Маселе күндөн-күнгө курчуп баратат. Эгер ошол камактагылардын ордунда өздөрү, же бир жакындары болуп калса небак чыгарып кетмек. Эфирден көрүп атабыз, бала-чакалары "атам кайда?" деп сурап жүргөнүн. Алардын эмне күнөөсү бар? Ошол мунарада иштегени үчүн айыптуубу же түзүлгөн кырдаалдын курмандыгы болуп калганы үчүнбү? Анан албетте, тиешелүү жактар чече албаса эл ишке аралаша баштайт. Бирок эки элдин ортосунда бүлүк кеткени эки тарапка тең жаман. Аягы куралдуу чатакка айланып кетиши мүмкүн. Мен кырдаалды беш колумдай билип турам, анткени өмүр бою коопсуздук кызматында иштедим. Бийлик чечкенге кудурети жетпесе жарандык коом чечет. Мен коопсуздук кызматын жетектеп турганда Өзбекстандын коопсуздук кызматы менен дагы, башка мамлекеттик органдары менен жакшы ымалада болчум. Алардын бир бөлүгү азыр бийликте турса, калганы кызматта эмес. Ошолорго байланышып сүйлөшүү жүргүзүп жатабыз. Анткени, алардын арасында да адекваттуу ойлонгондору бар. Биз демаркация, делимитацияга, талаштуу жерлерге кийлигишкен жокпуз, ага эч кимдин кийлигишүүгө акысы жок. Үчүнчү мамлекеттен да кийлигише албайт. Бул бир гана эки өлкөнүн ортосундагы маселе. Биз ошол төрт жаранды абактан чыгарууга аракет кылып жатабыз. Башка арга жок, кызматта болбосом да жарандардын коопсуздугу мени ойлонтуп жатат.

# Каржылайт деп унчукпай отура берүүгө болбойт



**Жогорку Кеңештин Бүтжет жана финансы боюнча комитетинде Бишкек шаарындагы Кыргыз-Түрк "Манас" университетин кайсы улуттун ректору башкарыш керек деген маселе кайра көтөрүлүп, натыйжада комитет өкмөткө кыргыз тараптан ректор даярдоо сунушун берди. Анткен менен университетти толугу менен Түркия каржылап жаткандыктан айтылуу сунуш эки өлкөнүн ортосунда түшүнбөстүк жаратпайбы? 2011-жылга чейин окуу жайды кыргыз ректору башкарганда түрк тарап эч кандай доомат койгон жок эле. Эми бул сунушту киргизүүнүн себеби кандай? деген суроо менен аталган комитеттин мүчөсү, "Ата Мекен" фракциясынын депутаты Сайдулла Нышановго кайрылдык:**

– Бул окуу жай Кыргызстандын аймагында болгондон кийин эмнеге ага Түркия жараны ректор болуш керек? Эмнеге биз жактан болбойт? Эч болбогондо биз алардан, алар бизден сурап иш кылса болбойбу деген сунуш менен биз өкмөттөн сурадык. Алар жооп бере алган жок. Ошондуктан бул маселени тактап, бизге аныктап бергиле деп комитетке тапшырма бердик. Бул ректор деген бир окумуштуу, же академик эмес, менеджер сыяктуу эле. Ал башкаруучу гана болот. Демек, биздин Кыргызстандын жарандарында деле ошол жумушка татыктуулары бар го дедик. Эгер биздин кыргызстандыктар жетекчиликке жарабайт деген бир себеби болсо, ошону тактап беришсин. Эч болбосо бир мөөнөттөн алмашып турушсун. Негизинен кыргыз жараны болуш керек деген пикирди депутаттар айтты. Сунуш эки мамлекеттин ортосуна түшүнбөстүк жаратпашы керек. Окуу жай Кыргызстанда болгону менен биз өз сунуш-пикирибизди бере албасак, анда эгемендүүлүк жөнүндө сөз козгобой эле койсок болот. Жерден болсо жаңылышпасам, 84 гектарды берип салыппыз. Жөн эле жер эмес, жакшы, кымбат баалуу жер бөлүнгөн. 84 гектар деген бул өтө эле чоң аймак. Демек, биз жакшы мүмкүнчүлүктөрдү берип жаткандыктан алар дагы ойлонуш керек. Университетти толугу менен каржылайт деп бардык мүмкүнчүлүктү бере берсек болбойт. Каржылаганына чоң рахмат. Бирок биздин улуттук, мамлекеттик кызыкчылыктарыбызды эске алып, ошол жетекчини эч болбогондо алмак-салмак алмаштырып турушу керек деген ойго алып баралы деп жатабыз.

# Калыстардын сахнага чыгышын күттүм



**Ошентип Көчмөндөр оюнунда айтыш да болуп өттү. Бирок, айтыштын жүрүшүндө буга чейинки адилетсиздиктен улам барбай турганын алдын-ала билдирген оозунда огу бар Аалы менен автомат акын Жеңишбек сахнага чакырылды. Ушундан улам «Бул сиздердин атыңыздарды элге жаман көрсөтүү эмеспи? Кандай баа бересиз?» деген суроо менен айтылуу Жеңишбек Жумакадырга кайрылып, төмөнкүдөй жооп алдык:**

– Аалы экөөбүз упайыбыз аз болуп калды, же биз кыйынбыз деп наразы болгон жокпуз. Экөөбүз жок деле айтыш өтөт. Мен далай жолу жаштарга жол берип, далай байгеден баш тартып эле жүрөм. Кыйынмын деген оорудан да алысмын. Топурактан жаралып топуракка айлана турган бир күчү жок пендемин деп жашаган бир кулмун. Маселе Аалы экөөбүздө эмес. Маселе мыкты ырдаса да өтпөй калган, өтө эле аз упай алган Идирис, Баян баштаган жаштарга жасалган мамиледе. Акыйкатсыздыкты баарыбыздын атыбыздан Аалы сахнада айтты. Мен калыстардын сахнага чыгышын күтүп тургам. Алар келгенде мен да сүйлөйүн деген элем. Бирок калыстар дароо туруп алып качып жөнөштү. Кыйын болушса ошол жерден чыгыпминтип ырдаганы үчүн мындай баа койдук, антип ырдаганы үчүн тигиндей баа койдук деп айтышпайбы. Комментарийлерди окуп отурсам менин өлүмүмдү тилегендер да бар экен. Жаттап алып ырдайт дегендер бар экен. Мени сөккөндөрдү туура түшүнөм, ар ким даражасына жараша иш кылат. Намыс үчүн, эл үчүн барбаска акыңар жок деп жазгандарга айтарым, албетте, сиздерге ыраазычылык. Аалы экөөбүз намыс деп кыштын күнү казактарга барып, мейманкана беришпей көчөдө калсак да айтышып, кечирим суратып келген учурлар болгон. Алдыда элимдин башка далай намысына жарармын деп Кудайдан үмүт кылам.

Айтмакчы, «Калыстар тобун алмаштырсаңар барабыз» деп убагында да айтканбыз. Бирок алар алмашкан жок. Биз ошон үчүн барган жокпуз. Эми элдер «Силердин барбаганыңарды билип туруп эмне айтты?» деп сурап жатат. Менин жеке оюмда, алар атайын, билип туруп эле айтты. Аны элге актануу катары кылды деп билдим. «Булар калыс болсо, мен калыс боло албайм» деп КР Эл акыны Анатай Өмүрканов да калыстыктан баш тарткан.

# Экономикс

«Бир көздүү» экономист издеп жүрөм деген саясатчы тууралуу тамаша сөз бар. Анткени ал экономист кеңешчилерине кайрылган сайын дайыма «Бир тараптан көз чаптырсак, экинчи жакты караган болсок...» деген жооп угуп келишкен




*(уландысы, башы мурунку санда)*

## Мамлекет экономисттерди жалдайт

Европадабы, Азияда болобу мамлекеттик кызматкерлер экономикалык көйгөйлөр менен алпурушууга мажбур. Алардын арасында өлкөнүн каржы тармагы менен алектенген Каржы министирлиги бар. Бул тармакта экономикага таасир кылуунун түркүн жолдорун издешкен же анын өнүгүүсүн божомолдошкон көптөгөн экономисттер иштейт. Британиянын Мамлекеттик экономикалык кызматы экономисттерди жалдаган эң ири мекеме. Анын алкагында миңге жакын адам иштеткен 30 департамент жана агенттик бар.

## Бир тараптуу пикир бергенге ишенбе

«Бир көздүү» экономист тууралуу тамашада чындыктын үлүшү бар. Ал экономикалык кеңеш берүүнүн табиятына байланыштуу. Мыкты экономикалык кеңеш басымдуу учурда бир тараптуу болбойт. Бул биз 1-бөлүмдө өткөн экономикстин он негизинин «адам тандайт» деген принцибине байланыштуу. Саясий чечимдердин көбү тандоо аркылуу алынарын экономисттер жакшы билишет. Мисалы, кээ бир саясат натыйжалуулукту арттырганы менен, теңсиздикке алып барышы мүмкүн. Экинчиси келечек муун үчүн берекелүү болгону менен учурдагы муунду зыянга учуратат. "Шарт кесе тандалган саясий чечимден өткөн оңой жол жок" деген экономист ишенимге татыбайт.

## Экономика илими тажрыйба менен бирге өсөт

Экономисттер аткаруу бийлигинен сырткары мекемелерде да иштешет. Британияда каржы-насыя саясатын жүргүзгөн Англис банкында Британия менен бүткүл дүйнөнүн экономикалык өнүгүүсүн талдаган көп экономист иштейт. Бул китеп жазылып жаткан учурда Лондондун экономикалык мектебинин профессорлору Англис банкынын башкаруучусу менен анын жардамчысы болуп иштеп турушкан. Германиянын мамлекеттик Бундесбанкынын жана Америка Кошмо Штаттарынын (АКШ) борбордук банкынын кызматын аткарган Федералдык кор системасынын президенттери да экономика профессорлору. Европанын башка борбордук банктарынын көбүнүн экономикалык изилдөө жүргүзгөн атайын тармактары бар. Улуттар аралык жана дүйнөлүк мекемелерде кызмат кылган экономисттер да көп. 1945-жылы Эл аралык валюта фонду (ЭВФ) дүйнөлүк экономиканы каржылоонун түзүмүнүн туруктуулугун камсыздоо максатында негизделген. Ал Вашингтон шаарындагы борбордук кеңсесинде докторлук даражасы бар эң көп экономистти иштеткен мекеме. Бул кеңседе 185 мамлекеттин өкүлү бар. Ошондуктан ЭВФ бүткүл дүйнөнүн эң күчтүү экономисттеринин кеңешин алган эң ири мекеме болуп эсептелет.

## Экономисттер кеңеш берүү менен чектелбейт

Экономисттердин таасири кеңеш берүү менен гана чектелбейт. Экономикалык изилдөөлөр менен илимий иштер саясий чечимдерге дайыма кыйыр таасирин тийгизип турат. Британиянын көрүнүктүү экономисти Жон Мейнард Кейстин: «Экономикалык жана саясий философтордун идеялары туура болобу, же жаңылыш болобу коомго биз ойлогондон да көп таасир берет. Дүйнөнүн чыныгы башкаруучулары дал ушул адамдар. Өздөрүн интеллектуалдардан көз карандысыз сезген ишкерлер өтүп кеткен бир экономисттин кулу экенин эртеби-кечпи билгизет. Бирөөнүн айтканын эле угуп калат делген акылдан адашкан төбөлдөрдүн көбү кагаз булгагандан башка иш билбеген, небак унутулуп кеткен академиялык кызматкердин акылга сыйбаган идеяларын колдонуп жүргөн болуп чыгат», – дегени бар. Бул сөздөр 1935-жылы жазылса да күнү бүгүнкүдөй өз маанисин жоготпой келет. Жон Мейнард Кейс өзү да көп учурда саясатка олуттуу таасир берген «кагаз булгагандан башка иш билбеген, небак унутулуп кеткен академиялык кызматкердин» ролун ойногон.

## Профессор Менкью Вашингтондо

Бул китептин ээлери экөө тең университетте профессорлук кызматын аркалап келет. Биз буга чейин экөөбүз тең эл ойлогондой «мөңгүнүн түбүндө мамонттун сөөгүнөн жонулган боз үйлөрүбүздү» тыштап, экономикалык көз-караштарыбызды турмушка киргизүү аракетинде болгонбуз. Бирибиз, профессор М.Тэйлор, глобалдуу каржы дүйнөсүнө сүңгүп кетти. Экинчибизге, профессор Н.Мэнкьюга 2003-2005-жылдары АКШнын Экономикалык консультанттар кеңешинин (ЭКК) төрагалыгы, б.а. АКШ президентинин башкы экономисти болуу насип кылынды. Төмөндө профессор Н.Мэнкью эң күчтүү экономикага ээ мамлекеттин президентинин кеңешчиси болуу эмне экенин баяндаган.

## Экономикалык кеңеш дайрасы саясат көлүнө куят

ЭККнын башына келгенде адатта президент менен жумасына эки ирет жолукчубуз. Жолугушуунун кээси экономиканын жалпы абалына тиешелүү эле. Көбү болсо учурдагы экономикалык саясаттын көйгөйлөрү тууралуу талаш-тартыш менен өтчү. Мен салык саясаты, федералдык бүтжет, коомдук камсыздоо системасы жана эл аралык соода боюнча аракеттердин варианттарын талдап, сереп жана жыйынтыгын президентке сунууда Ак үйдүн башка кызматкерлери менен тыгыз байланышта иштечүмүн. Мындан сырткары, казынанын катчысы (Каржы министри), Федералдык кор системасынын президенти (АКШнын борбордук банкынын башчысы) сыяктуу тиешелүү экономикалык мекемелердин жетекчилери жана ишкерлер жамааттарынын лидерлери менен бирге кеңешмелерди ырааттуу өткөрчүбүз.

## Саясат эч кимди укпаган ажонун иши эмес

Университеттеги жай турмушка көнүп калган адам мындай жумушка которулганда бир топ эле жанданып калат. Сүйрү (АКШнын президентинин) кабинеттеги жыйындар, ажонун учагындагы саякаттар, анын шаар четинде жайгашкан Кемп-Дэвид резиденциясында бирге эс алуунун баары баа жеткис тажрыйба. Өкмөттүн жактоочулары менен сынчылары бир отурган Конгресстин комитеттеринде президенттин сүйлөгөн сөздөрүн унутуп калайын деп атайын аракеттенсең да унута албайсың.

Вашингтондо иштеген эки жыл ичинде мен экономикалык саясат кантип иштелип чыккандыгы тууралуу көп нерсе билдим. Чыныгы турмуш экономикалык окуу куралдарында идеалдуу жазылган нерселерден канчалык узак экенин түшүндүм.

Бул китепте экономикалык саясатты сүйлөшкөн учурдун баарында биз «Өкмөт карманууcу керек болгон эң сонун экономикалык саясат кандай болуусу керек» деген суроого кайра-кайра кайрылабыз. Элдин басымдуу көбү эмнегедир саясат дайыма кең пейил падыша тарабынан аныкталат деген пикирде. Ажо туура багытты табаары менен оюн ишке ашыруута эч нерсе тоскоол болбойт деп ойлойбуз.

## Экономикалык кеңеш даам берген кошулма гана

Чынында, туура экономикалык саясат иштеп чыгуу өлкө башчынын жумушунун бир эле бөлүгү. Көп учурда бул иштин эң оңой тарабы. Президент экономикалык кеңешчилеринин эң жакшы экономикалык саясат тууралуу пикирин алган соң, башка консультанттарынын бул тууралуу ойлорун угуп чыгат. Анан коомчулук менен байланышка жооп берген кеңешчилери сунушталып жаткан саясатты коомго түшүндүрүү жолдорун аныкташат. Алар элдин тандоосуна тоскоол болчу туура эмес жорум жана түрдүү пикирлерди алдын-алууга аракет кылышат. Жалпыга маалымдоо каражаттары (ЖМК) боюнча кеңешчилери бул саясатты ЖМКлар кандай кабыл аларын жана коомго таасир берген гезиттерде кандай пикирилер үстөмдүк кыларын айтышат. Президенттин юридикалык консультанттары өкмөттүн сунуштарын Конгресс кандай кабыл кыларын, өкмөт тараптагы эл өкүлдөрү кандай өзгөртүүлөрдү сунуштай аларын, президенттин кайсы сунуштары мыйзам болуу ыктымалы бар экенин билдиришет. Саясий кеңешчилери кайсыл топтор сунушталган саясатты колдоору, кайсылары каршы чыгарын, бул сунуштар шайлоочулардын кайсы тобуна кандай таасир берерин, президенттин азыркы сунушу кийинки демилгелеринин кайсынысына тоскоол болуусу мүмкүн экени тууралуу жоромол кылышат. Бул сунуштун баарын угуп, таразалаган соң гана президент өз чечимин чыгарат.

Менин Вашингтондогу эки жылым өзүм берип жүргөн сабактарымдын жандуу мисалы болуп калды. Негизги бийлик элдин колунда болгон өкүлдүк демократияда экономикалык саясатты иштеп чыгып, турмушка ашырганыңды эч ким баалабайт. Анткени экономисттери сунуштаган иш-чараны ошол бойдон турмушка ашырбоо үчүн президенттин орчундуу себептери бар. Ал себептердин көбү чын эле жүйөөлү. Экономисттер саясий аракеттерге дайыма чын дили менен катышып келет, бирок алардын сунуштары даамдуу жана пайдалуу тамактын бир гана кошулмасы боло алат.

*(уландысы кийинки сандарда)*

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун
«Экономикс» китебинен

# ДКО: Эртеңкинин суроосу - акчалар кайда?

Ошентип кереметтүү көл боюнда өтүп жаткан 2-Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары көпчүлүктүн бүйүрүн кызытып, 100 миңдеген көрүүчүлөрдү, 1000 ге жакын спортчуну өзүнө тартты. Ал эми бул сапар дүйнөлүк медиа Кыргызстанда боло жүргөн ыңкылаптарга эмес, спорт менен майрамдык маареке жуурулушкан өзгөчө эфирге орун бере баштады

Миллиондорду чапчыган оюндун расмий ачылышын жарым миллиардга жакын эл көрүп, өз бааларын беришти. Бирок "той болот, тойдун эртеси да болот" дегендей, кеткен чыгым менен түшкөн пайданы да эсептөөчү мезгил жетип келатат.



## 2014-жылдагы ДКО чыгымды 3 эсе жапкан

Көчмөн оюндарынын идеясы көчмөн калктардын салттуу жана улуттук оюндарын өнүктүрүүгө багытталган. Муну менен катар аны "Дүйнөлүк этно оюндар" аттуу чоң долбоорго айлантуу максаты да каралган. Дүйнөлүк көчмөн оюндары Кыргызстандын жүзүн тааныткан бренд катары кабылданышына үмүттөр чоң. Уюштуруучулар ошону менен катар туризм тармагына, жалпылай экономикага салым болот деп ишендирип келет. Анткени буга чейинки оюндарда коротулган чыгым 3 млн. 387 миң доллар болсо, туризм тармагына 9,8 млн. доллар түшкөнүн эсептөө палатасы билдирген.

Демилге президент Алмазбек Атамбаев тарабынан көтөрүлгөнү менен, сунушту сүрөп кеткен түрк тилдүү мамлекеттердин тийгизген таасири бир топ экени белгилүү. Демек, көчмөн журтуна тиешелүү оюнду каалаган көчмөн эл уюштурууга укугу бар десек туура болчудай дейт адистер. Бирок жылдар өтүп кылымдар карыса да, олимп оюндарын баштаган Греция сыяктуу эле, идеянын ээси катары Кыргызстан бойдон калуусу маанилүү.

## Кийинки кезек Стамбулдабы?

Эмки оюндар 2018–жылы Түркиянын Стамбул шаарында өтөт деген маалыматтар бар. Бирок ДКОнун уюштуруучу тобу мындай маалыматты тастыктаган жок, билдирүү оюндун жабылуу салтанатында расмий жарыяланарын айтты. Бул боюнча эл арасында эки ача пикирлер бар. Кай бири көчмөн оюнун чет жерде өтүүсүн туура деп тапса, дагы бири дүйнө Кыргызстан дегенде спорт менен маареке жуурулушкан көчмөндөр оюнун элестетип турушу керек деген ойдо.



Ал эми ДКОнун негиздөөчүлөрүнүн бири, **туризм департаментинин мурдагы жетекчиси Максат Чакиевдин** пикиринде, белгилүү бир маареке жыл сайын бир эле өлкөдө өтө берсе бат эле актуалдуулугун жоготуп коюшу мүмкүн. Ал кыргыз баалуулуктары Кыргызстанда эмес, чет жерде даңазаланышы Кыргызстандын кадырын бир топ өйдөлөтөт деген ойдо.

– Кийинки оюндардын башка мамлекетке өткөнү бир жагынан туура болот. Себеби аты айтып тургандай эле, дүйнөлүк көчмөндөр оюндары болуп аткандан кийин, бул оюндар ар бир мамлекетте көчүп отурса биздин жобонун мындан кийинки өнүгүүсүнө чоң платформаларды түзөт. Маареке же башка иш-чаралар жыл сайын бир эле мамлекетте өтө берсе бат эле актуалдуулугун жоготуп коёт. Мисалы "Азия даусы" музыкалык фестиваль жыл сайын Казакстанда өтчү. Бара-бара ал маанисин жоготуп алды. Биз деле ар бир 2 жылда эле Тажикстан, же Өзбекстанга барып ойной берсек, аягында тажап баштамакпыз, – дейт ал.

## Жеңиш Орусиядан келген кыргыздарда

Буга чейинки оюнда медалдык эсеп менен биринчи орунду 55 медал тагынып Кыргызстан ээлеген. Ошондон кийин эл арасында "Түлкү турнаны конокко чакырып, жалпак табакка тамак бергендей" эле болду деп сындагандар чекеден чыккан. Анткени тогуз коргоол, кыргыз күрөш, салбуурун өңдүү улуттук кыргыз оюндарында кыргыздын спортчуларынан артык эч ким чеберчилик көрсөтө алган эмес. Кыргыз менен кыргыз беттешке чыгып, алтын медалды да кыргыз тагынганга туура келген. Ал эми быйыл якут, тажик, азербайжан, калкынын улуттук оюндары да кошулуп спорттун 16 түрүнөн мелдештер жүрүүдө. Жыйынтыкта оюндун 3-күнүндө Кыргызстан 4-орунду ээлеп, Орусиядан келген кыргыз атуулдары аралашкан топ 1-орунду бербей турат. **ДКОнун аткаруу иштеринин башчысы Нурдин Султанбаев** башка көчмөн калкынын да улуттук спортун эске алышыбыз керек экендигин айтат. Анткени оюндар бир эле кыргыз элине эмес, бүткүл көчмөн журтчулугуна тиешелүү дейт ал:



– Ар улут өзүнө таандык оюндун түрлөрүнөн алтын тагынып атат. Мисалы, казак күрөштөн казактар 5 салмак категориясында 4 алтын алды. Орусиядан келген якуттар таяк тартышта медалдын көбүн тагынып кетти. Мына бүгүн кыргыздын ата-бабаларынан бери күрөшүп келген кыргыз күрөштө биздин балбандар чыгат. Кыргыз күрөштө биздин балбандардан ашып эч ким мыктылык жарата албайт. Ал эми көк бөрү оюну кыргыз-казактыкы экен. Финалга казак командасы менен кыргыздын бир командасы чыкты.

## Эртеңкинин суроосу - акчалар кайда?

2014-жылы өткөн оюндарга 3 млн. 387 миң доллар сарпталган. Быйыл бир эле ипподромдун курулушуна 23 млн доллар короолгонун мамлекеттик курулуш комитети кабарлады. Бул кеткен акчанын аягы эмес. Андан тышкары, рекламалык роликтерге, жалпы пиар иштерине, спортчулардын байгесине, ырчылардын гонорарына деген акчалар аягына чейин эсептелип бүтө элек. ДКОнун катчылыгы оюн аягына чыккандан кийин жалпы сарпталган каражатты аныктап чыгып, эл менен бир сомго чейин эсептешерин айтты. Эске салсак, мурда чырдын баары дал ушул эсеп-кысапка келгенде чыккан. Анткени бир эле ДКОнун сайтын иштеп чыгууга 20 миң, улантып кетүүгө 110 миң, ал эми кеңселик жабдууларга 89,6 миң доллар корогону көпчүлүктүн күмөнүн жараткан. Быйыл ДКО жетекчилиги отчёт бербей жатып, айрым шалаакылыктар билине баштады. Барып келген эл убада кылынган эл ташыган унаалардын жоктугун, жолдордун чаң баскан абалында калганын ж.б чийкиликтерди социалдык тармактар аркылуу таратып жатат.



Ал эми **коомдук ишмер Равшан Жээнбеков** эртең акчалар кайда кетти? деген суроо сөзсүз жараларын айтат. Эгер ошол кеткен акчанын дайыны чыкпаса, тиешелүү жактар административдик жоопкерчиликке тартылыш керек дейт саясатчы:

– Мамлекетте жакырчылык 40 пайыз болуп турганда, чек ара кайтарылбай, аябагандай көп социалдык оорулар гепатит, туберкулез, рак каптап атканда 30 млн долларга окшогон акчаны тойго, тамак-ашка, көңүл ачууга кетирген, менимче, акылсыз өкмөттүн иши. Андан көрө, биз муну пайдалуу жактарга кетирсек болбойт беле? Мисалы, саламаттыкты сактоо жана билим берүү тармагына, чек араны бекемдөөгө кетирсек, өлкө үчүн оң болмок. Негизинен көчмөндөр оюнуна чоңдор барып эле жыргап, жылкынын этин жеп келгени болбосо, экономикага зыяндан башка пайдасы тийген жок. Анткени 30 млн доллар биздин бүтжеттин чөнтөгүн оюп түшө турган каражат. Бирок ошол эле тапта такыр эле пайдасы жок деп да айта албайм, кандайдыр бир деңгээлде бул маданиятка, элдин духун көтөргөнгө пайда берет дечи бирок ансыз биз такыр эле куурап калбайт элек. Кыргызстан "бум болот ушундан кийин, туристтер каптап келет" деген сөздөргө да ишене албай турам.

## Олимп оюндарына сереп

Адистер көчмөндөр оюнун олимпиада, паролимпиада жана азия оюндарына теңелген өзгөчө бир аналог болду дешет. Демейде, аталган оюндарды өткөрүүнү өз мойнуна алган өлкөлөр пайда табуунун ордуна көпчүлүк учурда чыгым тартып калганы айтылып жүрөт. Милдет алган өлкө ири масштабдагы спорт объектилерин курууга оңбогондой акча жумшайт. Оюндан кийин курулган аянт болсо керексиз калат. Түшкөн каражат кетирилген чыгымды актабай, Греция, Бразилия өңдүү мамлекеттер каатчылыкка такалганын маалымат каражаттар жазып чыгышты. Германиянын Нюрих университетинин география боюнча адиси Мартин Мюллер масштабдуу маареке өткөргөн мамлекеттердин утушун жана утулушун изилдеп чыккан. Натыйжада ал өлкөнү кризиске түрткөн негизги факторду аныктаганга жетишкен. Ал дээрлик олимпиада өткөргөн баардык өлкөлөр каражатты мерчемделгенинен көп коротуорун байкаган. Анткени убагында аягына чыгууга үлгүрбөй калуу, начар уюштурулду деген статусту алып калбоо коркунучунан улам өлкө болгон күчүн, акчасын жумшоого аракет жасаган. Мюллер олимп оюндарынан көбүрөөк пайда мамлекеттин казынасына эмес, олимпиадалык коммитеттин жана мамлекеттик чиновниктердин калтасына түшөрүнө ынанган.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Тез жардамдын өзүнө жардам керек

**Кокустан сыркоолоп же кырсыктап калган учурда дароо тез жардам кызматына кайрылабыз. Бирок акыркы кездерде жардам көрсөтчү дарыгерлердин өздөрүнө жардам керек болуп жаткандай...**

Тез жардам кызматынын жандандыруу бөлүмүнүн башчысы Егор Борисов быйыл жарандар тарабынан тез жардам кызматкерлерине 17 ирет кол салуу болгонун маалымдаган. Дарыгердин ролу коомдо бийик жана маанилүү болуп келген. Жарандарыбыздын мындай жорукка барууларынын себебин билүү үчүн Бишкек шаардык «тез жардам» кызматынын борбордук станциясына барып, абал менен таанышып көрдүк.

## Дарыгерлерге кол салгандардын эч кимиси жоопко тартылган эмес

Элдин ден-соолугу үчүн күрөшкөн тез жардам кызматы убагында бара албаганы жана дарыгерлердин жетишсиздигинен акыркы кездерде ур-соккуга алынып келүүдө. Түшүнбөгөн же түшүнгүсү келбеген жарандарыбыздын арбышы абалды курчуткансыйт. Айтылуу станцияда 25 жылдан бери эмгектенип келе жаткан **кардиология бөлүмүнүн башчысы Түмөнбаева Гүлмира** айым кол салуудан улам дарыгерлерибиз ооруканага жатып чыгууда дейт:



– Жарандар кол салган учурлар көп каттала башталды. Биз буга анча-мынча көңүл бурбайбыз. Оорулуу күтүп калганы үчүн бизге кыйкырып, катуу сүйлөгөн учурларды түшүнсө болот. Буга маани бербейбиз. Бирок кол салуу болгондо айла жок милиция чакырабыз. Өкүнүчтүүсү – алар буга маани бербей коюшат. Дарыгерлерге кол салгандардын эч кимиси жоопко тартылган жок. Арыз жазабыз, милицияга кетет, бирок ортодон токтоп калабы, айтор, “жоопко тартылды” деген маалымат жок. Мына акыркы кездерде биздин дарыгерлерге катуу кол салынып, ооруканага жатып калган учурлар болууда. Мунун күнөөсү бир чети тез жардам кечигип калганы болсо, экинчиден, азыр адамдардын ички-дүйнөсү башкача болуп калган. Адамдар азыр ачуулуу. Анан көбүнчөсү “силер эле бизди ооруканага жаткызасыңар, силерден башка эч ким жаткызбайт” деп дагы айтышат.

Учурдагы тез жардам бекетиндеги негизги маселе дарыгерлердин жетишсиздиги. Чакырууларга жетишпей кармалып калып жатканыбыздын бирден-бир себеби ушул көйгөй. Ошондой эле шаар ичинде унаалардын көптүгү, тез жардам машинасынын алдына түшүп алып жол бербегендик себепкер болууда. Ошон үчүн кармалып калабыз. Орто медициналык кызматкерлер талаптагыдай, болгону тажрыйбалуу дарыгерлердин аздыгы айлыктын жетишпестигинен болуп жатат. Жаштар дагы аз маяналуу жумушка иштегилери келбейт. Бир-эки жыл тажрыйба топтоп алган соң кетип калышат. Бирок биз үчүн жакшы жери – эки айдан бери айлыгыбызга 4 000 сом кошуп беришти. Дарыгерлердин өзүнүн маянасы беш миң сом болчу, азыр 9 000 сом болуп калды. Анткени менен бул сумма менен деле жашап, үй-бүлөнү багуу кыйын. Ошондуктан кызматкерлер башка жумуш издеп кетип калып жатышат. Бизде иштеген дарыгерлердин көпчүлүгү эки жумушта иштешет. Оокат кылыш үчүн эки жакка чуркашат. Анткени бир жерде иштөө менен жашаш кыйын.

## “Келбесең сени жок кылам” деп урушушат

Бир жагынан тез жардам кызматынын кечигип келишине өзүбүз күнөөлүүбүз. Алсак, Бишкек шаары боюнча кызматка күнүнө 600дөн ашык кайрылуу келип түшөт. Анын ичинен 30 пайызын жөн эле чакыргандар түзөт. Убакытты коротуп башка жакка барып келгенче, жардамга муктаж оорулуу чындап эле күтүп калат. Анан ачуусун дарыгерлерден чыгарат. Бишкек шаардык «тез жардам» кызматынын борбордук станциясынын чакырууларды кабыл алуу бөлүмүндө 13 жылдан бери иштеп келе жаткан нөөмөттүн башкы дарыгери Сепишова Зуурабүбү жарандар сасык тумоо болсо деле тез жардам чакыра беришерин айтат:

– Жөн эле чакыруулар толтура. Алсак, чакыруунун 30 пайызына тез жардам барууга эч кандай негиз жок. Дене табы көтөрүлүп кетсе деле чакыра беришет. Бул болсо баарыбыз билгендей сасык тумоо, эти ысыган дегендей нерселер. Ошондой эле өзүңөр билесиңер, жайында ичеги-карын инфекциясы, ич өткөк, кусуу, колду жуубай, көчөдөгү эскирген тамак ашты жеп алып ооруганда чакырышат. Бирок тез жардам буларга барбашы керек. Биз “мындайга барбайбыз” десең түшүнүшпөйт. Кырк болуп кетти деп 37 көрсөткүчтөгү температурага чакырышат. Барсаң жөн эле ангина. Мындайга өздөрүнүн поликлиникаларынан дарыгер чакырып, үй-бүлөлүк дарыгерлерине кайрылыш керек. Жок, жарандар антпей эле телефонун алып тез жардамга чалып: “Келбесең мен тигил жакка барып айтам, сени жок кылам” деп урушуп башташат. Бирок тез жардам авто кырсыктарга, кандайдыр бир өзгөчө кырдаалдарга, бычактан жаракат алган болсо, асынып алуу, дары ичип алып ууланып алган



учурларда, сууга түшүп, чөгүп кеткен учурларга барыш керек. Ал эми үйдө болсо жүрөгү кармап, инсульт болсо, дем ала албай кыйналып жатат деген учурларды иргеп анан барышыбыз керек. Бирок биздин жарандар түшүнүшпөй болбогон нерселерге чакырат. Башкача айтканда, биздин калк тез жардам кызматын караниетте колдонушат. Өзгөчө быйыл тез жардам бригадасына кол көтөргөн учурлар көбөйүп кетти. Бир учур болду, дарыгер келсе, эпилепсия менен ооруган аял экен. Эпилепсия менен ооругандарды тынчтандырган атайын укол бар, ошону жасап бер дептир. Дарыгер караса аялдын кан басымы нормалдуу, оорусу кармабаптыр. Мындай учурларда ийне сайылбайт. Себеби ар бир дары-дармек бизге катталып, жазылып турат. Дарыгер эпилепсия менен ооруган адамдар дайым иччү дарыны ичпейсиңби десе, “Сен ийне сайгын” деп жаш дарыгерди аябай сабап салыптыр. Анан ал жаракат алып, ооруканага жатып чыкты. Деги эле акыркы кездерде дарыгерлерди сыйлабай калышты. Аларды жоопко тарткан учурлар болгон эмес. Өзүңөр билгендей, бизде мыйзамдар дээрлик иштебейт. Бизде дарыгердин айынан адам каза болгон учурлардан бир дагы дарыгер соттолгон эмес. Ошондуктан жаңы мыйзам иштеп чыгып, атайын бирөө шугулданыш керек. Бир нерсе болсо эле “Силер ант бергенсиңер, келгиле, карагыла” деп урушуп киришет.

Жеке тез жардам кызматтары менен кызматташпаганга аракет кылабыз. Себеп дегенде силер чакырууларды жеке кызматтарга берет экенсиңер деген көп келишпестиктер болгон. Бул жерде чакырууну жазып, биз бара албайбыз дейбиз. Алар "Жеке кызматтыкын бергилечи" дейт. Аларга номерин айтып коёсуң. Алар барганына, көргөнүнө, дарылаганына алып олтуруп, көп акча болуп кетет. Натыйжада өздөрү жаман болуп, биздин үстүбүздөн арыз жаза беришет. Ошондуктан биз жеке тез жардам кызматтары менен байланышпайбыз.

Ошондой эле Зуурабүбү айым дарыгерлерге калдандап 100–200 сом берип алып, кайра эртеси алып кетти деп айткан адамдар көп экендигин айтат. Кээде дарыгерлер жакшы карап берип, оорулуу бир аз эс алып калса ыраазычылыгына акча берип койгондор бар. Болгону дарыгер өзү сураса, ал иштен алынат.

## Тез жардам кечигип, оорулуу каза болгон учурлар көп

Азыр жолдогу тез жардам унаасы кадимки унаалардай эле көрүнүп калган. Ага жол бошотуп берүү деген нерселер жоголуп бара жаткансыйт. Тез жардамдын кеч жардамга айланууусуна жарандар өздөрү себепкер. Тез жардам унаасын 21 жылдан бери айдап эмгектенип келе жаткан **Абдылдаев Жумакадыр** жол тыгындарында тургандыктан 40 мүнөткө чейин кечигип калышым мүмкүн дейт:



– Тез жардам эмне себептен кечигет, себеби жарандар жол бошотуп беришпейт, эки жакка чыга албай тыгындарда туруп калабыз. Анан кечигип барсаң кайра адамдар өздөрү урушат. Менин иштегениме 21 жыл болуп калды. Илгери тез жардамды сыйлоо, чуулдак менен келе жатсаң жол бошотуп берүү деген тартип бар болчу. Азыр болсо жаштар айдоочулук күбөлүктү сатып алышып, жол эрежелерин билишпейт. Анан кечигип барсаң чакырган адамдар каза болуп калган канча учурлар болду. Акыры туугандары жини келип кол салышат. Кечиктик дегенде жарым саат, кырк мүнөт кечигип калабыз. Бирок кол салгандары туура эмес. Биз жолдо туруп калабыз.

Жумакадыр байке сүйлөп жатканда ортодон сөзгө тез жардам кызматынын дагы бир айдоочусу Станов Дамирбек аралашып, өз көйгөйүн айта кетти:

– Дарыгерлерди сабагандардын бири дагы жоопко тартылган жок. Жоопко тартуу илгери союз убагында болчу. Азыр баары эле бир тууган болуп алышкан. Биздин айлыгыбыз аз. Айлыкка кошумчаны дарыгерлерге эле кылды. Бизге кылган жок. Болгон айлыгыбызды дагы кесип салышат. 10 000дин тегерегинде алабыз. Ар нерсени көрсөтүп, буга алынды деп коюшат. Айткандары боюнча алардыкы туура чыгат. Эптеп жан багып келе жатабыз. Экономикалык шартка жараша үй-бүлөгө биздин айлык жетпейт. Алар өздөрү жанын багат.

Дарыгерлерибизге жарандарыбыздын жогорудагыдай мамилеси кандай болгон учурда дагы туура эмес. Эгерде унааңыз болсо өзүңүз эле жакынкы аралыктагы бейтапканага барып, оорунуз өтө курч эмес болсо өз алдынча эле дарыланып, жолдон тез жардам унаасын көрсөңүз жол берип, айтор, колубуздан келишинче жардам көрсөтсөк, чынында эле, жардамга муктаж бир адамдын өмүрүн сактап каларбыз.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Врачтын шалаакылыгы адамды майып кылдыбы?

Кыргызстанда соңку мезгилдерде көчөдө кайыр сурап турган адамдарды көп кездештирип жүрөбүз. Алардын кээ бирлери мындай турмушту жөн гана кесипке айланткан болсо, айрымдары аргасыздан барат. Анткени башка иш менен алектенүүгө чамасы келбейт. Айтмакчы, Абдраимов Абдималик мырза да ушундай тагдырга туш келген. Ал дарыгерлердин шалаакылыгынын айынан биринчи топтогу майыпка айланган…



## Туура эмес жасалган операция

– Мен, Абдраимов Абдималик Баткен облысынын Лейлек районунан болом. Азыркы учурда Кызыл-Аскерде батирде турам. Эки кыз, эки уулум бар. Өзүң көрүп тургандай, майыптар арабасында отурам. 15 жылдан бери бүт денем иштебейт, жумуш кылуу бул жакта турсун, кол чайкоого чамам келбейт.

Бул оору мага кайдан жабышты билбейм. Айтор, 2001-жылы буту-колум катып, иштебей калды. Шаардык төртүнчү ооруканага барып, бир айдай дарыландым. Эч кандай жыйынтык болбогон соң, дарыгер: "Барып кыргызчылык кыла бергиле"деп үйгө чыгарып койду. Кыргызчылык кылып да көрдүм. Бирок, натыйжа болгон жок. Ошентип, 2002-жылы Республикалык ооруканага жаттым. Ал жактан, атын унутуп жатам, фамилиясы Дүйшеев деген врач операция кылды. Ал мени үч жыл катары менен үн катпай дарылап жүрдү. Мен баарысын кеч билдим. Көрсө, мага таптакыр туура эмес операция жасалган экен. А дарыланган адамда кандайдыр бир наараазычылык болсо ал үч жылга чейин гана даттанууга укугу бар тура.

Ошентип сотко да, башка укук коргоочу мекемелерге да кайрылган жокмун. Анткени, корктум. Жети жыл төшөктө кыймылсыз жатып, денем жара болуп кетти. Абдан кыйналдым. Балдарым чиедей жаш учуру эле. Натыйжада үй-бүлөмдү багыш үчүн көчөдө кайыр сураганга мажбур болдум.

## Адамдардын учурашып койгону көңүлүмдү жылытат

Мен үчүн 15 жыл кылымга тете болду. Оорулуу адам бирөөнүн көзүн карап калат эмеспи? Кээде ал-акыбалымды сураган адамдардын сөздөрү жүрөгүмдү жылытат. Ал эми кээ бир адамдардын сөздөрү, тескерисинче, ууктурат. Бул деген беш колдун тең эмес экендигин далилдеп турган чындык.

Мейли, мага эч кандай жардам бербесе да, салам берип койгон адамдан Алла ыраазы болсун. Бул бир келген өмүрдө эч ким дүйнөгө устун болбойт эмеспи? Бирок мен бир гана досума ыраазычылыгымды билдирем. Анткени башыма мүшкүл түшүп турган кезде мени жалгыз калтырган жок. Арабызда ушундай жакшы адамдар көп болсо экен дейт элем.

## Молдонун кылганы ушул болсо

Жети жыл үйдө жатып, эл менен аралашкым келди. Анан китептерди окуп, намазга жыгылдым. (Намазды отурган жерден окуйт – Ж.К.). Баламдын жардамы менен Зуурaкан Кайназарова көчөсүндөгү "Касым"мечитине бара баштадым. Ал жактан мага намаз окуганы келген адамдар акча берип турар эле. Бир күнү ошол мечиттин имамы мени "үйүңүзгө кетиңиз" деп кууду. "Бул мечитке деген акчаны сиз алып жатасыз" дегени эле. Ошол-ошол болду, молдонун кылганы ушул болсо деп мечитке да барбай койдум.

Чындык үчүн айта кетейин, көп убакыт болгон жок, Борбордук мечиттин имамынан дарыдармекке керек болуп, акчалай жардам сурагам. Макул болуп каражат бөлгөн, бирок ал дагы колума тийген жок.

## Жаңы өкмөт шайланган сайын жардам сурайм

Өзүм жөлөк пул алам. Бирок, төрт миң сом эмнеге жетет дейсиң. Дарыланам деп ар кимден майда-чүйдө акча ала берип, төрт жүз минден ашуун карыз болдум. Бул жакта отуруп бир күндө 350 сом табам. Мындай карап көрсөң, ал акча эч нерсеге жетпейт. Жаңы өкмөт шайланып келген сайын жардам сурайм. Ачыгын айтсам, эч кандай жардам берген жок. Эл алдында аты-жөнүмдү жазат, андан соң жок болот. Майыптар арабасын да кайра-кайра сурап жатып араң алгам.

## Алсыздыгым

Кыймылдабай калганыма он беш жылдын жүзү болсо да, мени ушул даражага жеткирген адамдын үстүнөн эч кандай чара көргөн жокмун. Менин алсыздыгым ушунда болсо керек, ар кимдин: "Кийин сени башка врачтар да карабай коюшу мүмкүн", – деген сөзүнөн даттанууга батынбадым. Азыркы учурда кээ бир ооруканаларга барсам карай бербейт. Мына ушундай учурларда алсыздыгымды дагы бир жолу моюндайм.

## Баарын акча чечкен заман

Кыргызстанда акча берсең ар кандай иштерди кылып бере койо турган "иш билги" адамдар бар экени маалым. Мына ошондой кишилердин тузагына да түшүп көрдүм. Анткени кызыма паспорт алалбай жүргөнүмдө, бир киши: "Бүтүрүп берем" деп менден акча алып, кийинчерээк акчадан да, паспорттон да дайын жок болгон. Биз жашап жаткан коомдо баарын акча чечет экен, көрсө.

## Кичине болсо да жер тилкесин берип койсо

Аялым мени карап, андан соң иштейт. Шаарда батирде жашоо кыйынга турат экен. Айына беш миң сом төлөйм. Андан башка эмне кылам? Өзүмдүн жеке менчик үй-жайым жок болсо. Мен өкмөттөгүлөрдөн кичине гана жер тилкесин сурайт элем. Ошол да болсо чоң жардам болмок.

> "Өзүм майып болсом да, балдарымды билимден четте калтырбайын деп жок дегенде орто билимге ээ кылып жатам."

Өзүмдүн абалым майып болсо да, балдарымды билимден четте калтырбайын, башкалардан кем кылбайын деп жок дегенде орто билимге ээ кылып жатам. Келечекте мен кор болсом да, канымдан жаралган балдарым кор болбосун деген гана үмүт…

## Бул жалаа болушу мүмкүн

Абдималик мырзанын жашоосу менен таанышкан соң дарыгер Гулжан Абас кызына кайрылып, жогорудагыдай маселеде кандай чара көрүш керек эле деген суроого төмөнкүдөй жооп алдык:

– Ооба, абдан эле кыйын кырдаал экен. Эгерде чын эле Абдималик мырзага операция туура эмес жасалган болсо, оорулуу аны аныктап бериш керек. Кандай жол менен аныкташ керек? Албетте, ошол кездеги рентген кагаздарын, андан башка дагы бир нече документтерин чогултуусу абзел. Мына ушуларды аткарганда гана бир чара көрүүгө болот. Себеби дарыгерлердин үстүнөн мындай даттануулар коомубузда көп кездешет. Кээ бирөөлөр жөн гана жалаа жапса, кээ бирөөлөр чын эле ушундай кырдаалга туш келет. Мындайлар эл ичинен ондоп кездешет. Бул жерде ал күнөөлүү, бул күнөөлүү деп айтуу кыйын. Анткени бул маселени кайра баштан текшерип көрүш керек. Бир жактуу кароо мүмкүн эмес. Мен дарыгер катары ушуну гана айта алам.

## Юристтен кеңеш

Ал эми бул маселенин укуктук жагын талдоо үчүн мамлекеттик мекемеде иштеген юристке кайрылганыбызда ал өз аты-жөнүн айтпоо шарты менен төмөнкүдөй кеңешин берди:

– Негизинен бул маселе боюнча ошол адамдын укугун коргоого болот. Бирок, ийгиликке жетиш бир аз кыйынга турушу мүмкүн. Анткени арадан көп жыл өтүп кетиптир. Ошентсе да жабырлануучу ден соолугуна зыян келтирген дарыгердин үстүнөн даттануу арызын жазып, тийиштүү органдарга кайрылса болот. Албетте, өзү каалаcа. Дарыгердин үстүнөн иш козгоого толук мүмкүн. Сөзсүз айта кетчү жагдай, оорулуу адам ошол кезде дарыланган оорукана кагаздарын кылдаттык менен текшерүүдөн өткөрүп, чын эле операция туура эмес болгондугуна көзү жетсе гана арызданууга толук укугу бар. Эгер андай болбосо, дарыгердин күнөөсүн тастыктай албайт. Сотко кайрылуусу жокко чыгарылат.

Биз канча аракет кылганыбыз менен Абдималик мырзага операция жасаган дарыгер менен байланышканга мүмкүн болбоду. Ал эми юридикалык жардам берүүгө келсек, бул жумуш оңойго турбасы анык эле көрүнүп турат.

Атаганат, ар бир адам өз жумушун тактык менен аткарса мындай окуялар болбойт эле!.. Анткени ойлонбой кылган ар бир ишибиз кимдир бирөөнүн тагдырына балта чаап коюусу толук мүмкүн эмеспи. Бул жашоо өзү мүмкүндөрдөн куралат тура, чиркин…


*Мейлиң жаша эч жамандык көрбөстөн,*
*Мейлиң жаша эптеп-септеп өлбөстөн.*
*Мейлиң жыргап жүз жылдарга жашап көр,*
*Табарың не, айтчы курбум, көргөзсөң.*

Жогоруда ыр саптарында айтылгандай бул дүйнөдөн эч кимибиз эч нерсе таппайбыз. Андыктан, бир-бирибизге зыян келтирбей, колубуздан келген жардамды аябай, оогонду сүйөп, жыгылганды көтөрөлү, замандаш!

ЖАННАТ КАМБАРАЛЫ КЫЗЫ

# Кыймылдоо эң негизги мээ сергиткич

Ар бир адам өз жанын багуу үчүн ар кандай жумуш жасайт. Кээ бири кара жанын карч уруп кара жумуш менен алектенсе, кээ бири технологиянын өнүгүүсүнө байланыштуу керели-кечке мониторго тигилип, компьютерде иштейт. Эмесе ошол бир ордунда отуруп иштеген адам күнү бою кыймылдап иштеген адамга караганда бир кыйла катуу чарчаарын билесизби? Анда эмесе төмөндө мээ чарчоосунан кантип кутулуу керек деген суроого жооп издеп көрөлү



## Мээ чарчоосунан кутулуу

Жумуштун майын чыгара иштеп, анын пайдасын көрүү үчүн көп энергия керектелет. Бирок ошол энергияны да топтоп толуктап туруу кажет. Кээ бир адамдар чарчаган учурунда жөнөкөй эле жумушту бүтүрө албай кыйналат. Бул чарчагандыктын белгиси. Адамдын мээсинин салмагы 1000–2000 грамм чамасында болот. Эркектердин мээси аялдардыкына караганда 100–150 грамм чоңураак болот экен. Биздин мээбизде бири-бирине байланышкан 100 миллиондон ашык нейрондор жана нерв клеткалары бар. Бир эле нейрон 100 миңдеген нейрондор менен байланышып турат. Мындай байланыштардын аркасында мээ көптөгөн маалыматтарды иштетип аларды сактай алат.

Албетте, кээде керектүү маалыматтарды сактай албай кыйналабыз. Мээ дагы денедеги башка мүчөлөргө окшоп чарчайт. Адамдын мээси чарчаганда эс тутуму начарлайт. Көпчүлүк мээ чарчаганда жумушун таштап эс алуу керектигин ойлошот. Бирок бардыгы эле эс ала беришпейт. Ал эми кээ бирлери болсо жөн эле бир аз убакытка жумуштан бошоп, үйдө жатсам эс алам дейт. Бирок бул туура эмес. Мындайда мээ эч кандай эс ала албайт. Эс алам десеңиз көп ойлонбогонго аракет жасап, айланада болуп жаткан нерселерге көбүрөөк көңүл буруңуз. Мисалы, айланаңызда салынган имараттарга жакшылап карап, анын архитектурасына маани бериңиз. Мына ушул убакта мээңиздеги уктап жаткан ар кандай ойлоруңуз ойгонуп, жакшы иштей баштайт.

## Мээ эс алдырчу дары жок

Мисалы, сиз доклад жазып жатасыз. Мээңиз чарчап жумушка деген кызыгуу качып кетти дейли. Бул убакта нерв системасы, баш мээ жана организмдин иммундук жана эндокриндик системасы жабыркайт. Мына ошол убакта сөзсүз туруп 20–30 минут чай ичип эс алыңыз, же 5–10 мүнөт көзүңүздү жумуп туруңуз. Же болбосо туруп чаңдарды сүртүп, идиш жууп жана башка ушул сыяктуу кыймыл менен жасалчу иштерди аткарыңыз. Мээ чарчаганда адамда зат алмашуу өзгөрөт. Гормондор жана кан айлануу активдешет.

Бир күндө мээңиз канча убакыт иштээрине көңүл буруңуз. Адам баласы суткасына 7–8 сааттан кем уктабашы керек. Убакыт жетпейт деп өзүңүздү күчкө салып кыйнабаңыз. Ден-соолук болсо баары болот деген ураан менен дайыма өзүңүздү биринчи орунга койгонуңуз жөн. Чарчаган мээни эс алдыруучу дары жок. Бирок дарыгерлер биологиялык активдүү кошулмаларды сунушташкан. Бирок изилдөөчүлөр алар деле эч кандай натыйжа бербесин айтышкан. Ошентсе да эч нерсе жардамын бере албайт деп жата бербей өзүңүз биринчи аракет кылыңыз. Адам баласы физикалык жактан чарчаганда жатып уктап, эс алып алса болот. Ал эми моралдык жактан чарчоо андан да кыйын экенин баарыбыз эле билсек керек. Мээңизди таптакыр эс алдырбай акчанын, же атак-даңктын артынан кууп иштей берсеңиз, эрте алжыйсыз да, аягында оңой эле нерселерге акылыңыз жетпей калат. Мындайча айтканда, бат картаюуңузга себеп болот.

## Жөнөкөй көнүгүүлөр сиздин жардамчыңыз

Германиялык окумуштуулар мээни кантип эс алдыруу керектигин ойлоп чыгышкан. Алардын айтымына караганда, эң негизги мээ сергитүүчү ыкма бул кыймылдоо. Муну кийинчирээк америкалыктар да колдоп чыгышкан. Негизинен күнү бою кыймылдап иштеген адамга караганда отуруп иштеген адамдар көп чарчайт экен. Күнүнө жок дегенде жарым саат убактыңызды чуркоого, сууда сүзүүгө же болбосо фитнеске жумшасаңыз 65 пайыз мээ чарчоосунун алдын-аласыз. Муну окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө далилдешкен. Ал эми кадимки эле моюнга, башка жасалчу көнүгүүлөр мээдеги кан алмашууну бир кыйла жакшыртат. Ошондуктан күндө эртең менен-кисин ымчам сууга чайканып, көнүгүү жасап турсаңыз жакшы натыйжа берерин айтышат. Бул ыкма жүрөк кан тамырларын жана нерв системасын таң эртеден иштетип, зат алмашууну тездетет. Ошондой эле тамеки менен алкогол ичимдиктеринен таптакыр эле баш тартып койгонуңуз жөн. Себеби бул адамдын мээсинин да, өзүнүн да алын кетирет. Ошону менен катар бир канча ишти аз убакыт ичинде бүтүрүп салууну көздөбөңүз. Андай учурда мээ иштөөсү начарлап, эртеси күнкү кыла турган жумушуңуз бүтпөй калышы ыктымал. Ошондуктан өзүңүз кылган жумуштан ырахат алууну үйрөнүңүз.

> Сабиз мээдеги кан айлануу менен зат алмашууну жакшыртат. Ал эми ананас болсо эске тутумга пайдалуу

## Катуу чарчоо ооруну пайда кылат

Катуу чарчоо адамды депрессия, талма жана башка ооруларга алып келет. Мындай оорула көбүнчө 25–45 жаштардагы билимдүү, көптөгөн ийгиликтерге жетишкен, жумушуна баш-оту менен киришип иштеген аялдар чалдыгарын белгилешкен. Мунун эң негизги себепчиси эс албагандык болуп эсептелет. Жок дегенде күндө кечкисин парк аралап сейилдеп турсаңыз мээңиз аз да болсо эс ала түшөт. Кычкылтек мээнин негизги азыгы. Ошондуктан мээ жеткиликтүү кычкылтектин жетишин талап кылат. Ал эми таза аба мээни кычкылтек менен азыктандырып, адамдын денесин жеңилдетет. Китеп окуганда адамдын мээси кадимкидей эс алат экен. Бул учурда баштагы иштеп жаткан мээнин үжүрөлөрү эс алып, тынч тургандары жанданып кыймылга келет. Мээ чарчаган убакта төмөнкүдөй белгилерди байкасак болот:

- Эске тутуу начарлап, башыңыз ооруксунат;
- Жумушта көп каталар кете баштайт;
- Урушчаак болуп, бат кыжырдануу болот;
- Тамакка табит начарлайт;
- Дайыма көңүл чөгүп жүрөт.

## Кандай тамактаныш керек

Адамдын нерв үжүрөлөрү чарчаганда жаңгак, балык жана мөмө жемиштерди көп жеш керек. Мисалы, сабиз мээдеги кан айлануу менен зат алмашууну жакшыртат. Ал эми ананас болсо эс-тутумга пайдалуу. Өз убагында ылайыктуу тамактаныш керек. Адам баласына кант азыктары да өтө маанилүү. Эгер убак-убагы менен тамактанып турбаса организмдеги кант азайып, эске тутуу начарлайт.

Жумуш маалында жок дегенде 10 мүнөт убакытты жай отуруп эс алууга жумшоо керек. Албетте, биз муну аткара бербейбиз. Жумуш учурунда эмес, күнү бою бош болгон убакытта деле күнүбүздү телевизор көрүү, же компьютерде отуруу менен өткөрөбүз. Бирок бул ден-соолукка кыйла терс таасирин тийгизерин эсиңизден чыгарбаңыз. Күндөгү кайталана берүүчү нерселер биздин мээбизди алсыратат. Ошондуктан күндө аткарып жүргөн нерселерди алмаштырып туруңуз. Мисалы, күнүгө тишиңизди оң кол менен жуусаңыз, эртең сол кол менен жууңуз.

Жогоруда айтылгандай мээ чарчаганда эң биринчи залакасы эс тутумга тиет. Эс тутум жок болсо биздин жашообуз башаламан болмок. Жада калса, бирибиризди таанибай кыйналмакпыз. Эч нерсе үйрөнө албай ааламыбызды караңгыга кептемекпиз. Ошондуктан эс тутумдун жашообузда орду аябай чоң. Мына ушул биз үчүн эң маанилүү нерсени кастарлап, сактай билүүбүз кажет.

Албетте, мээни чарчатып күнү бою баш көтөрбөй, компьютерден көз албай иштей берсек, эске тутуу начарлап, унутчаак боло баштайбыз. Эгер керектүү нерсени эсте сактап калам десеңиз, аны жаттап албай, мазмунуна көңүл буруп, жакшылап түшүнүш керек. Бирок мазмунун тереңирээк түшүнүш үчүн да мээңиздин сергек болушу шарт. Ошондуктан эс алууңузду тоо койнунда өткөрүп, же табияттын кооз жерине барып болушунча тынч, таза абада өткөрүүгө аракет кылыңыз. Шаркырап аккан суунун добушу да адамдын чарчаганын басып, эс алдыруу жөндөмүнө ээ.

АЙГҮЛ САМИДИН КЫЗЫ

# Кытайлар атты арабанын артына кошуп баратышат

Кытайдын Нанжиң шаарында үч университетте англис тилинен сабак берип жетишип жүргөн мекендешибиз Каниет Курманбек уулу "Саресепке" келип "кылым журт" кытайдагы кыргыз жаштарынын билим алып жатканы тууралуу, кытайдын кантип оокат кылып жаткандыгы тууралуу бир эт бышым убак сөздүн аңгеме дүкөнүн эмес, базарын айлантып чыкты

## Кыргыздар – намыскөй

Кытайга Кыргызстандан барган балдардын көпчүлүгү намыскөй. Окуу билим боюнча башка мамлекеттерден артта калбай, керек болсо, Европа, Америкадан келген жаштардан кем калышпай озуп тушуп окуп жаткандары сүйүндүрөт. Окууну бүтүп-бүтпөй эле Кытайдын компанияларында иштеп калып жаткандары андан да көп. Эмне себептен мындай болуп жатат дегенде, мен алып кете турган төрт-беш студент бала телефон чалып айтып жатышпайбы "Кытай элчилигинде ушундай тыгын болуп жатат. Визага кезекке туруп, мушташ чыгып кетип жатат. Кытайга кетүү үчүн күнүгө 150-160 киши кезекке туруп жатыптыр." Көпчүлүгү билим алайын деп аттанып жаткандар. Кытай тараптан да бизге лимит (чектөө) киргизип жатат деп уктум. Азыркы барып жаткан балдардын дээрлик көпчүлүгү жакшы окуп жатат, арасында жок эмес, бирин-экин начарыраак окуган балдар болуп калат. Мисалы, башка шаарды айтпайм, өзүбүздүн Нанжиң шаарын айтсам, бул жерде 120га чукул кыргыз балдар бар. Алардын арасында иштеп жүргөндөрү да бар. Нанжиң кытайдын эң алгач түзүлгөн борбору. Өтө бай тарыхы бар шаар. "Нан" – деген кытай тилинен которгондо түштүк дегенди билдирет. "Жиң" – дегени борборду туюндурат. Бей – дегени "Түндүк", "Жиң" – дегени борбор. Биз иштеп жүргөн шаар кытайдын түштүк борбору. Учурда калкынын саны 9 миллионго чукулдап барат. Бул жерде окуп жүргөн кыргыз балдардын ичинде окуудан аксап калгандары болот. Андай учурда сөзсүз мага кабар жетет. Алар менен жолугуп турам. Өзүмдү улуу катары эсептебесем да, алар мени улуу катары эсептеп, кеңешкени келишет. Былтыркы жылы демилге көтөрүп, "бирибирибиз менен катташып жүргөн жакшы болот, Нооруз майрамын уюштуралы" деп балдар топтолду. Окууга барган он чакты аскер адамы дагы катарыбызды толуктап, жаз майрамы аябай жакшы өттү. Ошол жерден Кыргызстандын желегин көрүп аябай толкунданышты. Мындай иш-чара биз турган шаарда биринчи жолу болду. Чоңураак деңгээлде кылалык десек Кытайдын эрежелерине туура келбейт. Саясий иштер болуп кетпесин деп муну сөзсүз түрдө мыйзамдаштыралы дедик.





Балдары менен Нанжиңде



Кытайдагы кыргыз студент балдар менен

Кийинки жылы мындан да чоңураак деңгээлде өткөрөлү деп ойлогонбуз. Нанжиңде кытайлык кыргыз балдар да окуйт. Кытай билим берүү тармагында өзүнчө милдеттемелери бар Шиңжаң автономиялык округунун аз сандуу этносторду колдоо боюнча атайы милдеттемеси коюлган. Аз сандагы улуттардан өзбектерди, казактарды, тажиктерди, кыргыздарды Нанжиңге алып барып билим беришет. Аларга ар кандай жеңилдиктер берилет. Мисалы, бизде Жалпы республикалык тестирлөө (ЖРТ) деп жатпайбы. Ал жакта жергиликтүү элге талап жогору болгону менен, сырттан келген балдар ылдыйлатылган упай менен окууга кабыл алынат. Аз сандагы элдерге квота берилет. Мен өзүм иштеген университетте кеминде 30дан ашык кытайлык кыргыз бала бар. Ошол балдар Нооруз майрамын уюштуруу үчүн жалгыз эле биздин шаар эмес, бизге жакын Шанхайдагы Пекиндеги кыргыз балдарды да чакырышты. Ошондо 200дөн ашык кыргыз аттуу Нанжиңге топтолду. Анча-мынча аттуу-баштуу кишилер дагы келди. Кытайлык кыргыздардын аты таанымал болуп калган искустводо жүргөндөрү бар экен. Сүрөтчүлөрү бар экен, аябай жакшы өттү.

## Кыргызстандын желегин желбиреткем

2012-жылы Нанжиңге үй-бүлөм менен көчүп баргам. Биринчи барганда эле Нанжиң же болбосо илгерки аты боюнча айтканда, Нанкин университетинде англис тили боюнча мугалим болуп орноштум. Бүгүнкү күндө ага окутуучу катары ишмердүүлүгүмдү улантып келе жатам. Ал жерде иштегениме эки жыл болгондон кийин биздин Кыргызстандын желегин көргөзө баштадым. Бул жамааттагылар ага чейин Кыргызстан эмне экендигин билчү эмес. Бир күнү университет жетекчилиги расмий түрдө мени чакырып, Кыргызстан мамлекетинин жараны бизде иштегендигине байланыштуу, андан тышкары карым-катнаш түзүш үчүн Кыргызстандын желегин китепкананын кире беришине илишкен. Ал кезде университетте Орусиянын да, Өзбекстандын да желеги илине элек болчу. Ошондо эле биринчилерден болуп Кыргызстандан төрт студентти окууга алып баргам. Мен барган жылы 14 мамлекеттин өкүлү иштечү. Бир семестрде колуман 3 миңдей студент өтөт. 3 миңдей студент Кыргызстан жөнүндө аздыр-көптүр маалымат алат. Бул өзүбүздүн мамлекетти таанытуу жагынан кичине да болсо да салымым деп ойлойм. Эки жылдан кийин ошол жерде кыргызстандык студенттерди кабыл алуу боюнча бөлүм ачылган. Ал жерде Кыргызстандан барган студенттерге бир куратор шайланган. Мени "бол" дегенинен баш тарткам. Себеби, жумуштан кол бошобойт. Ал жерде куратордун жардамчысы катары магистратурада окуп жаткан кызыбыз бар. Андан кийин кыздарымдын мектебине байланыштуу шаардын башка четине көчүүгө туура келди. Ошол жактагы Нанжиң технологиялык институтуна жумушка кирдим. Ал жерде ага окутуучу да, чет өлкөлүк мугалимдердин куратору болуп да эсептелем. Ошол эле маалда дагы бир Кохай аттуу университетте эмгектенем. Бул Кытайдагы эң күчтүү университеттердин бири. Бул жерде билимге болгон талап абдан жогору. Быйыл ошол университетке алгачкы карлыгач болуп кыргыздан эки студент баратат. Буюрса, эртең-бүрсүгүнү алар өзүм менен чогуу кетишет. Бул университеттин Бизнес мектеби аябай күчтүү деп эсептелет. Мен айткан балдар ошол мектепке өтүштү.

## Кытай тилинин 6 баскычы бар

Башында барганда студенттер бир жыл сөзсүз тил курсунан өтүшү керек. Ал жерде окуп жаткандарга "Эгер бакалаврга калам десеңер бир жылдын ичинде 4 баскычын өткүлө", – деп шарт коём. Кытай тилин өздөштүрүүнүн 6 баскычы бар. 6-баскыч чет өлкөлүктөр үчүн эң жогорку баскыч. Кытайлардын өзүлөрү үчүн талап башкача. Мамлекеттик кызматтарга алыныш үчүн да өзүлөрүнүн сынактары бар. Себеби Кытайда да 56 улут бар. Ар бир улутка бул кытай тилин кандай билет деген сынактары бар. Ошол 4-баскычынан өткөндөргө сөзсүз жардам кылып документтерин даярдайбыз. Мына ошол процессте көбүрөөк иштейм. Сынакка өзүлөрүнүн дил баяндарын кытай тилинде, англис тилинде жазып өткөрүшөт. Мен кытай тилине кийлигише албайм. Себеби кытай тилинде оозеки сүйлөгөнүм менен, жазуу жагын үйрөнө алган жокмун. Убактым да болгон жок. Үйрөнгөнгө убакыт жок дегенди куру шылтоо деп айтып койсом да болот. Иероглифти бери дегенде эле, беш миңди билиш керек. Окуп билим алуу үчүн Кытайдын ар башка шаарында ар башкача акча коройт. Ал шаардын экономикалык шартына жараша болот. Биринчи иштеген жерим окутуунун эң арзан курсу деп эсептелет. Доллар менен эсептегенде миңдин тегереги болот. Бул окуусуна корогон каражат. Андан тышкары, жатаканасына семестрге эки жарым миң юань төлөнөт. Январь-февраль эки ай окуу болбойт. Себеби кытайлардын жаңы жылы бул эки ай бою созулат.

## Кытай студенттерди эмнеси менен тартып жатат?

Кытайда акыркы жыйырма жылдын ичинде болуп көрбөгөндөй өзгөрүү болду. Жылыга экономикалык жактан 11% дан өйдөлөп олтуруш тарыхта болуп көрбөптүр. Кытайлар экономикалык өсүштү атайы жасалма жайлатып жатышат. Себеби муну башкарып кетүү коркунучтуу абалга алып келет. Дүйнөлүк экономисттер да "Кытай бул бойдон кетсе акыры жакшы болбойт" деген божомолдорду айтып жатат. Менин көз карашымда да кытай экономикасы кичине жайлап бараткандай сезилет. "Арабаны астына коюп, атты артына кошуп" дегендей туюлчу болду мага.

Жөнөкөй эле көчө шыпыргычтын банкта эсеби бар. Жашоо шарты бир кездеги бир чыны күрүчкө жетпей жүргөн эл азыр болуп көрбөгөндөй өнүктү деп айтсак болот.

Кытайга барган кыргыздардын көпчүлүгү курулуш тармагын, медицина тармагын окуп жаткандар. Компьютердик технологияга кызыккандар да көп. Мындан алты жыл мурун "эптеп тил үйрөнүп келсем жан сактап кетем" дегендер көп эле. Азыр андайдан баш тарткандар көбөйдү. Биринчи семестр аяктап жатканда эле мага телефон чалуулар көп болот. Ошондо кайсы багыт боюнча келип окуйсуң деп сурайм. Көпчүлүгү так илимдерди айтышат. Ансыз деле тилди үйрөнүп жатпайбы. Талап ошондой, тил билбесең окуй албайсын. Экономиканы тандагандар көбөйдү. "Каржы, кытайдын экономикасын үйрөнөм" дегендер көбөйдү. Азыр магистратурада окуп жаткан балдар көп. "Кытайдын экономикасынын өсүшүнүн сырын аныктап билели" деген балдар көңүлүңдү көтөрөт.

Даярдаган:
ЖЫЛДЫЗБЕК КУБАНЫЧБЕК УУЛУ

# Каримовду «халва» десең эле «таттуу» болуп кетпейт

Ойчул: «Өз үй-бүлөсүн тың жетектеген адам эч күмөн болбостон чоң иштерге аттана берсе болот, аткени ал кең майданда да ийгиликке жете алат» деген эле. Өз жубайын, бала-чакасынын эптей албагандардын мамлекетти башкарам деген аракеттери кандай натыйжага алып баргандыгына күбө болуп келебиз



## Үмүттөрү таш капкан падыша-ата

Эгемендүү Өзбекстан да бизден бир күндөн кийин 1-сентябрда 25ке толду. Аны башкарып келген президент Ислам Каримов мамлекетин көз жарардан 2 жыл мурун колго алган. Каримов өлкөсүн 27 жыл башкарды. Серепчилерди таң калтырган нерсе – өлкөнүн жарандарынын орто жашы да 27. Ислам Каримов 79га чыгып дүйнө салды. Ал башкарган мамлекетинен 52 жаш улуу болчу. Бул адатта чоң ата менен неберенин ортосундагы жаш. Биз ата жана чоң ата өзүнүн өз үй-бүлөсүн жана президент өз мамлекетин кандай башкара алгандыгы тууралуу кеп кылмакчыбыз.

Бир ислам ойчулу «Өз үй-бүлөсүн тың жетектеген, тууган-туушкан, кошуна-колоң жана жоро-жолдошун туура багыттай алган адам эч күмөн болбостон чоң иштерге аттана берсе болот, анткени ал кең майданда да ийгиликке жете алат» деген мааниде кеңеш берген эле. Өз жубайынын, бала-чакасынын эбин таба албагандардын биздикиндей чакан мамлекетти башкарам деген аракеттери кандай натыйжага алып баргандыгына буга чейин күбө болдук.

Ислам Каримовдун улуу небереси быйыл 23кө толду. Анын да ысмы Ислам Каримов. Ал Америка Кошмо Штаттарынын жараны афгандык өзбек Мансур Максуди менен Каримовдун улуу кызы Гүлнара Каримованын уулу. Улуу кызы АКШ жаранына 1991-жылы турмушка чыккан. Небере Ислам Каримовдун атасы дүйнөлүк Coca-Cola компаниясынын өзбекстандык өкүлчүлүгүнүн башчысы болчу. Мансур менен Гүлнара 2001-жылы ажырашып кетишкен.

Чоң ата менен эрке кызынын оюнда бир чыккан бейм, неберенин атын Ислам коюп, аны өзбек тактысына даярдап келе жатышкан. Бийликти ушундай жол менен сактап калуу оор басып бара жаткан кезде чоң-ата менен эрке кыздын ортосунан кара мышык өттү. Ал кара мышыктын ролун Гүлнаранын өз энеси Татьяна Каримова ойногон деген маалыматтар тараган. Эрке талтаң кыздын жоруктарын жаап-жашырууга мүмкүн болбой калганда аны оздуктаганга алы келбей калган чоң-ата менен чоң эне кызын өз коопсуздук кызматынын колуна салып беришкен.

2014-жылдын март айынын этегинде BBC News баш болгон дүйнөлүк агенттиктер Гульнара Каримованын үй камасынан: «Жок кылынган үй-бүлө тууралуу жазуу оор болуп турат. Башкаларга акыл үйрөткөнсүп Нооруз менен куттуктоо өзүңдү өзүң басынткан менен барабар. Кенедей жалгандар менен чоң көйгөйлөр жаратуу дегендик. Беш айдан бери эң күчтүү жана амалкөй адамды майда-барат нерселер менен сокур жана ачуусунан алсыраган жандыкка айлантса болоруна көзүм жетти. Муну көрсө небак жок болуп кеткен үй-бүлө аркылуу кылса болот экен. Биздин энебиз чыгыш менталитети менен салттарын мурунтан эле жок кылган. Ата-эне менен бала ортосундагы сый-урматтан артык бир нерсе болмок беле», – деген арманын жазган.

Атасы бул жалгандан өткөн күнү Гүлнара кошок сымал ыр жазган. Бирок уулу Ислам Каримов экөө чоң-атанын жаназасында көрүнгөн жок. Тайэнеси менен тайэжеси Лола алардын тагдырын жеңилдетүүгө аракет кылбайт окшойт. Небере Ислам чоң-ата Ислам менен 2013-жылынын күзүнөн бери байланыша албай жатканын айткан.

## Букараларынын жарымынан чочулаган падыша

Өзбекстандын 5 млнго жакын жараны өлкөнүн сыртында ырыскы издегенге мажбур. Бул 30 млндук калктын 15 пайызынан жогору дегендик. Дүйнөдө 3 пайыз адам өз мамлекетинен чыгып кетүүгө мажбур. Демек, Өзбекстандын миграция боюнча көрсөткүчү минимум беш эсе жогору. Бул эмгекке жарамдуу мекендештин бештен бири дегендик.

2013-жылынын июнунда падышаата Ислам Каримов Орусияда эмгектенип жүргөн жарандарын «мамлекетибизди уят кылган жалкоо, жийиркеничтүү, өлүмгө тете уят нерсе менен алектенгендер» деген. Орусиянын Борбордук банкынын билдирүүсү боюнча андан бир жыл мурун өзбектер Орусиядан өз мекенине 6,084 млрд АКШ долларын жөнөтүшкөн.

Жетимканада чоңойгон бала кезин небак унуткан Ислам Каримов, жеке коюнун үстүнө торгой жумурткалаган жыргал турмуштан жарандары кайда качып жатканын түшүнгөн эмес. Түшүнбөгөн нерсе чочулатат. Бийликтин туу чокусунда турган адам өзү чочуган нерседен кутулгусу келет, кутула да алат.

Эс тарткан убагынан динбезер идеология тулку боюна сиңген Каримов исламчыларды өз максатына колдонгонго аракет кылган. Бирок кайра кудай жоктук дооруна кайтып кетүүдөн корккон радикалдуу мааналдагы мусулман жарандарынын шаштысын кетирүүсү аны бир чети кыжырлантса, бир чети чочутту. 1993-жылы өз пикири бар, бүткүл Советтер Союзунун мусулмандары сыйлаган Мухаммад Юсуф Мухаммад Сыдык муфтийликтен алынып, анын ордуна мусулмандардын таламын талаша албаган, бийликке тике карабаган, эч кимге белгисиз Абдуллаев аттуу бухаралык имам Өзбекстандын муфтийи болуп калды. Бөрк ал десе башты айбаган аткаминерлер түрдүү шылтоолор менен кичине башы чокчойгон мусулмандын баарын капаска солоп, мал-мүлкүн тартып ала башташкан. Бул мусулмандык парзын аткарууга аракет кылган бардык жарандарын, айрыкча, жаштарды радикалдашууга түрткөн. Эки тараптуу чочулоо 2003-жылдын май айында Анжиян окуясына алып барып, түрдүү эсептер боюнча 200дөн 800гө чейин адам набыт болгон делет. Жаштардын миграциясы жана диндар жарандарынын коомдук жашоодон четтетилиши Ислам Каримовдон кийин келген жетекчинин негизги баш оорусу болуп кала бермекчи.

## 25 жылдыгың эгемендикке жол ачсын, өзбек боорум

Диктаторлорду актагандар дайыма чыгат. Айрыкча, ал оо дүйнөдөгү түңгүюгуна кулап түшкөндө, периште сымал актаппактан жатып калышат. Актагандар диктаторлорго же доору, же эли туура келбей калган деп жакташат. Кызыл кыргын баш чабуудан башка жолу жок болчу деп мактаташат. Бирок ошол эле доордо жашап, каяша айткан тентектери менен ымала түзүп, элинин көйгөйүн биринин-артынан бирин чечип, диктатордукунан бетер абалдан чыгып кеткен чыныгы лидерлер аз эмес. Алардын негизги өзгөчөлүгү – башка пикир, улут, динде болгон, аныкынан башка тилде сүйлөгөн жаранын өз бир-туугандай кабыл алганы. Керек болсо мурун запкы чеккенинен улам териси жукарып калганын эске алып, бир-тууганынан артык көрөт. Ошентип курама жыйылып, журт болот.

Диктатор мүнөздүү адам табиятынан коркок болот. Тегерегиндеги адамдар менен болгон ымаласын мүмкүн болушунча минималдаштыргысы келет. Кичине шылтоо болсо чек-арасын жаба салууга маш. Күчтүүрөөк чукул же алыс кошунасы болсо, алар менен мамиле үзбөйт. Себеби алар өлкөсүндөгү карама-каршылыктарды анын жеке бийлигине каршы колдонуп коюуга чарк-чамасы кенен жетет. Ошон үчүн Орусия, Кытай, Казакстан жана АКШ менен дайыма жашынмак ойноп, учуру келгенде тултуңдап таарынып, ыңгайлуу болсо мактап жагынып, касапканасындагы кызыл майданга көз жумуп коюусун камсыздайт. Бул лөктөрдөн жеген жеме, пресстелген стресстерин Кыргызстан менен Тажикстанга окшогон майда-барат мамлекеттерден чыгарат. Кышында газ бербейт, темир жана унаа жолдорун бөгөйт, сууну тоспо деп коркутат, жарандарын капасына сурак-соболсуз солоп жыргайт, коркок жетекчиси болсо жер тонойт, башы ачыла элек жерлерди басып алып эрмектейт, суу сактагыч анын аймагында болсо да, суу жайылган жердин баары «меники» сымал мамиле кылат. Бул майда-чүйдө оюндар менен эрмектеп атып, какбаш атка конот, анан ажалы келип калганын байкабай калат.

Бир өзбек көпөсүнө: «Кыргыздар кезектеги заалым башчысын кууп чыгып, ордо калаасын адатынча тонотптур», – деп кабар жеткиришиптир. Анда өзбек ишкер: «Биздикин кетирип берсе, болгон мал-мүлкүмдү көчөөгө чыгарып берет элем, баарын көтөрүп кетишсин», – деген ыймандай сырын айтыптыр. Сабырыңа береке, өзбек тууган. Кетти акыры кетчү немеңер. Кийинкилери кандай болорун божомолдогусу келгендер, бала-чакасынын тартип-тарбиясы кандай экенин сураштырышы керек. Биз силерге чыныгы мусулманча өзүбүздүкүнөн жакшыраак башчы тилейбиз.

Жансакта Сарбашов

# Аталышы да, орду да талаш жараткан Ункар-Тоо

Ункар-Тоо Жалал-Абад облусунун Аксы районунда жайгашкан. Кыргызстан аны Өзбекстан менен тактала элек аймак деп эсептейт. Коңшулар болсо өзүнүкү деп атоого жетишти. Анын аталышы да айланасындагы соңку окуялардан кийин талаш жаратууда. Бирөө Унгар-Тоо десе, дагы башкалары Үңкүр-Тоо деп жатышат. Жергиликтүү эл болсо тоону ак унга салыштырып - Ункар деп аташат. Эмесе биз да ошол элдин айтуусу боюнча атайлы

## Бул мурдатан эле белгилүү болчу

"Өзбекстанда кармалып турган 4 кыргызстандык тезе арада бошосун! Башка сүйлөшүүлөрдүн баары аларга байланбай чечилиши керек!" Ушундай талап менен Жогорку Кеңеш Өзбекстандын межилисине кайрылуу даярдады. Муну менен бирге чек араларды тактоо боюнча кыргыз-өзбек өкмөттөр аралык комиссиянын 2006-жылдагы протоколун жокко чыгаруу боюнча тапшырма өкмөткө берилди.

Ункар-Тоодогу радиорелейлик станцияда иштеген 4 кыргызстандыкты өзбек тарап кармап кеткенине 15 күндөн ашты. Расмийлердин маалыматында, 22-август күнү таңкы саат 9:13тө Ункар-Тоого Өзбекстандын Ми-8 тик учмасы менен 7 десант конуп, андагы радиорелейлик станцияда кызматын аткарып жаткан Абдумиталип Урманов, Урмат Бердалиев, Жеңиш Ташматов жана Нурбек Усупбаевди кармап кеткен. Өзбекстандын ички иштер органдары 26-август күнү аталган төрт кыргыз жараны аларга караштуу тилкеде мыйзамсыз жүргөн жеринен кармалды деп маалымат тараткан. Ошондой эле өзбек мыйзамдарынын негизинде жоопко тартылаарын билдирген. Бирок кыргыз тарап мунун баарын мыйзамсыз экенин айтып келүүдө. Алгач алардын үй-бүлөсү жумушка кеткен бойдон кайра үйгө келбей жатканына тынчсызданышса, барымтага алынганын уккандан бери айласын таппай отурушат. Өзбек күч түзүмдөрү тарабынан кармалып кеткен Жеңиш Ташматовдун жубайы Ажар Шишкараева ага чейин эле телемунарада коркунуч бар экенине карабай, эмнеге эмгиче ал жерге аскердик күзөт коюлган эмес деген суроого жооп ала албай жатканын айтты.

– Ал жерде мурда айтылганына карабай эч кандай куралдуу аскердик күзөт коюлган эмес. Анда иштегендерди жана телемунараны куралдуу кайтаруу жок болчу. Биздин чек арачылар Ункар-Тоого өзбек тик учмасы конуп, анда иштеген кыргыз жарандарын барымтага алганга чейин эмнени карап отурганы белгисиз. Анткени коркунуч бар экени баарына эле белгилүү болчу. Азыр эми барымтага кармалып кеткендер тууралуу эч кандай кабар жок. Биздин бийлик "бошотобуз" деп жооткотсондон башка эч нерсе айта элек. Мына азыр алардын кармалып кеткенине 15 күн болуп отурат. Алар эмне болду деп чыдамыбыз чегине жетип бүттү – деди Шишкараева.





## Өзбек тарап 3 талап койду

Коопсуздук боюнча өкмөт башчынын орун басары Жеңиш Разаковдун айтуусунда, 4 кыргызстандык бүгүнкү күндө Наманган облусунун милиция бөлүмүндө кармалып турат. Бирок алардын абалы тууралуу маалымат жок. Анткени алардын абалын билүү үчүн эл аралык адвокаттардан топ түзүлгөн. Бирок коңшулар аларды жакын жолотпой коюшкан.

"Күн сайын сүйлөшүү болуп жатат. Премьер-министр Самаркандка барганда өзбек өкмөт башчысы менен сүйлөштү. Ал тез арада абалды чечээрин убада кылды", – деди Разаков.

Сүйлөшүүлөр кыргызстандыктар кармалып кеткен күндөн баштап эле жүрүп жатат. Райондук, облустук деңгээлден өкмөт башчыга чейин жетти. Бирок натыйжасыз. Өзбек тарап сүйлөшүүлөрдө аларды бошотуу үчүн үч талап койгонун чек ара кызматы билдирди. Алар, Орто-Токой суу сактагычындагы милиция тосотун алуу, электр энергиясын берүү жана аймакта жашап, иштегендерге азык-түлүк жеткирүүгө уруксат берүү.

## Орто-Токой кимге керек?

Орто-Токой суу сактагычы Ала-Бука районунун аймагында. Ал Касан-Сай деген ат менен да белгилүү. Кыргызстандын аймагында жайгашкан Касан-Сай суу сактагычы 850 гектар жерди ээлейт, анын ичинен Өзбекстан 190 гектарын гана компенсациялап берген. Суу сактагычтын аймагында коңшу өлкөнүн 300гө жакын жараны отурукташкан. Ушул күнгө чейин Наманган облусунун тургундары, дегеле өзбек тарап «суу сактагычтын аймагы биздин жер» деп келишет. Документтер боюнча, ал Кыргызстанга тиешелүү болгонуна карабай, бул аймак өзбек чек арачылары тарабынан коргоого алынган. Суу сактагычты бир гана өзбек тарап пайдаланат, бирок эч кандай ижара акы менен жер салыгын төлөбөйт.

## Коңшулардын аракети мыйзамсыз

Ункар-Тоонун айланасындагы маселени "Өнүгүү-Прогресс" фракциясы жабык талкуулады. Анын жыйынтыгында кабыл алынган чечимди фракция лидери Бакыт Төрөбаев айтып берди. Анын сөзүнө караганда, өзбек тарап эки тараптуу жана бардык эл аралык нормаларды бузуу менен Ункар-Тоодогу станцияда иштеген 4 кыргызстандыкты кармап отурат. Ушундан улам тез арада жарандарды бошотуп, андан кийин гана чек ара жана башка мүлктүк маселелер боюнча сүйлөшүүлөр жүрсүн деп өкмөткө тапшырма берилди. Ошондой эле өзбек межилисине Жогорку Кеңештин атынан кайрылуу жолдонууда.

Бакыт Төрөбаев абал олуттуу экенин белгилеп, жаралган маселени эмоция менен эмес, дипломатия жана документтер менен чечүү керек дейт.

Ал ошондой эле 2006-жылы даярдалган протоколдо айрым адистердин шалаакылыгынан улам Ункар-Тоонун аймагы тактала элек аймакка кирип калган деп эсептейт. Картада аймактар сан менен берилет. Мисалга, 113-чекит эки тарабы тең такталган. 114-чекит тактала элек деп жазылып калган. Бирок ошол 113 менен 114түн ортосунда Ункар-Тоо турат. Өкмөткө ошол протоколду оңдоо тапшырмасы да берилди.

## Аза бүттү, иш башталды

Расмийлер Ункар-Тоо Кыргызстандыкы, бирок тактала элек аймак деп айтып келишет. Андагы радиорелейлик станция 1975-жылдан бери эле кыргызстандыктар үчүн иштеп келет. Бүгүнкү күнү ал жер аркылуу 6 телеканал, 2 радио жана Ала-Бука, Чаткал райондорунун эли телефон байланышы менен камсыздалат.

Кыргызстандын ички иштер министрлиги мыйзамдуу иштеген кыргызстандыктарды өзбек тарап алып кеткени боюнча "адам уурдоо" беренеси менен кылмыш ишин козгоду. Аймакка жакын жерде күч түзүмдөрү күчөтүлгөн тартипте иштеп жатат. Президент да маселе сүйлөшүүнүн негизинде чечилиши керектигин айтып келет. Өзбекстан лидери Ислам Каримовдун өлүмүнө байланыштуу 6-сентябрга чейин аза күтүү жарыялап, бардык маселени кийинкиге калтырган. Коңшуларда аза күтүү күнү аякталы. Кыргызстандын парламенти жумушка чыкты. Эми мүмкүн 15 күндөн бери ордунан жылбай турган муз жылаарына үмүт кылып күтүп туралы.

## Чуулгандуу документтен дайын жок

Төрт кыргызстандык кармалып жаткан Ункар-Тоо чатагы бүгүн эле чыга калган жок. Ушул жылдын май айында Ункар-Тоону Өзбекстандыкы деп тааныган кандайдыр бир документтин көчүрмөсү интернетке тараган эле. Ошол 2015-жылдын 11-ноябры менен белгиленген протоколдо "Өзбекстандын аймагында жайгашкан "Кербен-24" телерадио мунарасын башка жакка көчүрүү үчүн жер караштыруу" жагы көрсөтүлгөн. Өкмөттүн маалымат кызматы болсо Үңкүр-Тоодон телемунараны көчүрүүнү көздөгөн документти "жасалма" деп жарыялап, аны саясий упай топтогусу келген кайсы бир күчтөрдүн чагымы деп атаган. Башкы прокуратурага протоколду текшерүү боюнча парламент тапшырма берип, телемунараны жылдырууну токтотуу жагын сунуштаган.

Эскерте кетсек, ушул эле Ункар-Тоого Өзбекстандын чек ара аскерлери 2013-жылы тик учма менен конуп, аны өзүнө караштуу аймак деп желегин илген. Натыйжада, Аксы эли митингге чыгып, бийлик өзбек тарап менен сүйлөшкөн соң андагы өзбек аскерлери ал жактан чыгарылган.

БУРУЛАЙ ПУСУРМАНКУЛОВА

# Атамбаев Отунбаеваны “самозванка” деди

1-сентябрь күнү Жогорку Кеңеш үч айлык эс алуудан келип сессия өткөрдү. Ошол күнкү жыйында «Ата Мекен» партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев трибунага чыгып төмөнкүдөй сөзүн айтты



### Кылымга тете күн болот

– Туура 25 жыл мурун ушул залда Кыргызстан көз каранды эместигин жарыялаган. Ч.Айтматовдун «Кылымга тете күн болот» деп айткан сөзүнүн маанисин мен азыр толугу менен түшүнүп олтурам. 1990-жылы мен ушул залда «Кыргызстан өз алдынча мамлекет болуш керек» дегенде отургандар каткырып күлгөн эле. Мени тентек, акылдан адашкан адамдай карашкан. Чыныбай Акуновичтин ордунда олтурган төрага "Бир өлкөдө бир эле президент болот. Москвада биздин М. Горбачёв деген президентибиз бар», - деп каткырып күлгөн. Анда коомдук пикир, ошонун ичинде кыргыз элитасы, көз каранды эместикке даяр эмес болчу. Бирок бир жылдан кийин Кыргыз элитасы, легендарлуу парламенттин депутаттары, 31-август күнү Кыргызстанды көз карандысыз мамлекет катары жарыя кылган. Орто Азияда Кыргызстан биринчи болуп эгемендүүлүгүн жарыя кылганы - бул чоң окуя. Мен бүгүн ушуну баса белгилегим келип жатат. Бир күн орусча айтканда "имел значение". Анткени биз эле эмес, коңшу өлкөлөр да коркуп, кантип эле өзбек көз каранды эмес мамлекет курат, кантип эле казак көз каранды эмес мамлекет курат, кантип өзүбүздүн аскерибиз болот деп, ким менен кай жакка барып сүйлөшүүнү билбей турган. Ошондо бирөө биринчи чыгып: "Жок, биз эл болобуз. Биз түндүк көтөрөбүз, желек көтөрөбүз!" - деп бышып жетилген. Ушул жерде легендарлуу эл өкүлдөрү олтурушкан. Өзбекстан 1–сентябрь, Түркмөнстан 27-октябрь, Тажикстан 9-сентябрь, ал эми Казакстан 16–декабрь эгемендүүлүк күнү деп жарыялаган. Мына ошондуктан бир күн чоң мааниге ээ болчу. Кылымга тете күн болгон. Ошондуктан бул жерде тарыхый чечимдер кабыл алынган.

### Атамбаев чоң тойду бузду

Андан бери 25 жыл өтүптүр. Бир күн кылымга тете болсо, бул чейрек кылым. Демек, бул да кылымга тете жылдар болду десек болот. Биз мамлекет катары түптөлдүк. Мына кечээ 25 жылдык эгемен майрамыбызды белгиледик. 25 жылдык тарыхыбызга карап, жыйынтык чыгарып, сабак алышыбыз керек. Кандай ийгиликтер болду деп даңазалап, кандай кемчиликтер болду деп жол көрсөтүп, дагы 25 жылда бул залга келип олтура турган жаңы муунга саясый керээзибизди калтырышыбыз керек. Буларды кайталабагыла, мындай жолдон айланып өтөлүк, алдыбызда мындай чоң маселелер турат деш керек. Бүгүн мына дүйнөлүк терроризм бизге жакындап калды, чек арабыз жабылып, товарларыбыз Казакстан, Орусияга өтпөй калды, атуулдарыбыз да өтпөй калды. Түштүктө биздин чек арабызды басып, атуулдарыбызды барымтага алды. Мына ушундай кыйын шартта, бул чоң идеологиялык иш чара болуп, ал күнү элди бириктирип, элди мобилизация кылып, элге дух бериш керек эле.

Урматтуу депутаттар, мен айтпашым керек эле, бирок айтууга туура келди. Президент А. Атамбаев 31-август күнү ошол миссияны толук кандуу пайдаланган жок. Чоң тойду бузду. Мен өзүм жөнүндө болсо айтпайт элем. Үйүнө барып деле орусча айтканда "разборка" кылып алмакмын. Же президенттиктен түшкөндө деле көчөдөн, бир жерден кармап алмакмын. Бирок кеп эркектер жөнүндө эмес. Кыргызстандын экс-президенти Роза Отунбаева жөнүндө айтып койбосом болбойт. Алмаз Атамбаев Роза Отунбаеваны мыйзамсыз шайланган президент, "самозванка"- деп атады. Иш жүзүндө А.Мадумаровдун сөзүн кайталады. "Кыргызстанда саясый стабилдүүлүктүн түзүлүшүнө, оор кырдаалдан чыгышына Роза Отунбаеванын жана Убактылуу өкмөттүн кымындай да салымы жок" деп, тескерисинче, алардын кара ниеттигине карабай, эл өзүнөн-өзү туруктуулукка жетти деп айтты. Эгер буга унчукпай койсок, депутат катары, эркек катары, адам катары туура эмес болот. Роза Отунбаева Убактылуу өкмөттү жетеледи. Мен, Бекназаров, Иса Өмүркулов, А.Атамбаев батына албай турганда, жоопкерчиликти өзүнө алды. Биз деле мен болом деп олтуруп алсак болот эле. Бирок биз батына албадык. Ошондой кыйын кезде даяр болуп калган кызыбыз бар экен. Жоопкерчиликти өзүнө алды. Биз баарыбыз баш ийип иштеп бердик. Убактылуу өкмөттү бүткүл дүйнө тааныды, ал болгону 3 ай эле иштеди. Роза Отунбаеваны болсо, бүткүл дүйнө тааныды. Роза Отунбаеванын жасап кеткен эмгеги тарыхта калды. Аны эч ким чийип, жокко чыгара албайт. Мына ошондуктан кечээ чекилик кетти деп баса белгилеп койгум келди.

> "Мен, Бекназаров, Өмүркулов, Атамбаев батына албай турганда, Роза Отунбаева жоопкерчиликти өзүнө алды"

### Атадан кем балдар...

Мен бекеринен легендарлуу парламенттен баштаган жокмун. Анда мен Руслан Казакбаев олтурган жерде олтурат элем. Ал аксакалдардын көбүнүн көзү өтүп кетти. Ошол легендарлуу аксакалдардын балдары азыр ушул жерде олтурат. Эргеш Төрөбаев депутат болгон, азыр баласы Бакыт Төрөбаев олтурат. Келгиле, биз аталарыбыздын койгон тилегин орундаталык. "Атадан кем бала болот. Атадан артык бала болот" дейт. Ошон үчүн тарыхый чечимдерди кабыл алганга даяр бололу. Аталарыбызга татыктуу бололук. 25 жылдан кийин ушул жерде, бизди эстеп, легендарлуу аталарыбыз болгон деп кийинки муун сүйлөп турсун. Бүгүн биз Конституциядан чет жашап, Конституцияда көрсөтүлбөгөн жол менен өлкөнү башкарып жатабыз. Бул туура эмес. Сиздердин мандат алып келгениңиздерге 1 жыл боло элек. Мандатыңар күчүнө кире элек. Силер лидерсиңер. Өлкөнүн тагдыры силердин колуңарда! Өлкө силерди карап турат. Ушул жоопкерчиликти биз сезе билишибиз керек.

Биз бирөөнүн малайы эмеспиз. Биз Жогорку Кеңештин өкүлүбүз. Бизди кайсыл бир кабинеттерге чакырып, эч ким көрсөтмө бербеши керек. Биз тарыхый чечимди кабыл алышыбыз керек. Анткени, кыргыз элинин бизден башка ишене турган эч нерсеси жок. Бизден жогору жакта Кудай гана бар. Ошон үчүн бизди Жогорку Кеңеш дейт. Кыргызстандын башка кеңеше турган, таяна турган таянычы жок. Биз ушуну так жана ачык билишибиз керек. Мен алты фракциянын лидерине, өлкөнүн тагдыры силердин колуңарда деп айткым келет. Бүгүн да өлкөнүн башкаруусун Конституциялык нукка бурганга толук мүмкүнчүлүк бар. 6 фракциянын лидери, 120 депутатпыз, бизди эмне деп шылдыңдабасын, эмне деп келекелебесин, бизден башка кыргыздын карманары жок. Азыр каргаса да, жамандаса да Жогорку Кеңешти жамандайт. Анткени өзүбүз ошого жол берип жатабыз. Ошондой жүрүм-турум менен жетелеме болуп жатабыз. Качан адамды сыйлайт, "поступок" болгондо, жоопкерчиликти ала билгенде сыйлайт. Мына ошондо эл бизге татыктуу мамиле кылат. Анан уялбай "биздин өкүл, биздин жетекчилербиз, жол башчыларбыз"- деп бизди сыйлайт.

### КСДПны Акаев, Бакиевчилер башкарууда

Парламенттин деңгээли мынчалык төмөнгө түшкөн эмес. Эч бир президенттин, өкмөттүн аппараты чакырып көрсөтмө бербеши керек. Тескерисинче, биз ушул трибунадан отчётторун угуп, ушул жерден баа беришибиз керек. Жаман иштешсе кызматтан алып, элдин адында тарыхый баа беришибиз керек. Мен ачык кайрылгым келет. Өлкөнүн тагдырын Конституциялык жашоого буруш биздин колдо! Баш мыйзамда бул каралган. Өкмөттү, президентти катыштырбай парламент түзгөнгө укугу бар. Мен расмий жарыя кылам, президент өзү эмес, айланасындагылар башкарып жатат. Мына ушул жерде чогуу жүргөн, чогуу күйгөн КСДП партиясын силер башкарбай калдыңар! Акаевдин, Бакиевдин жанында жүргөн, КСДП партиясынын жытында да болбогон Фариддер, Сапар Исаковдор ж.б башкарып олтурат. КСДП мен үчүн жат партия эмес. Бири-бирибиз үчүн камалганбыз, өлкө үчүн күрөшкөнбүз. Ошол тарыхыбызды сыйлап, өлкөнү сактап, туура жолго буралы!

Терген: ЭЛНУРА КУЛУЕВА

# Көп нерсе бере алат

Анын баасы жок болгону менен адамдарга көп нерсе бере алат. Аны тартууга алгандарды ал кадыресе байытат. Тартуулагандар да мындан эч кедейленип кетпейт. Ал бир көз ирмемдерге гана созулганы менен, адамдардын эсинде далайга чейин калат. Бул өзүнчө эле бир чексиз байлык. Байына да кедейине да тең орток. Үйгө кадимкидей бактылуулуктун жышаанын себелейт. Достордун арасында да, иште да жакшы тилектеш. Чарчагандарды эс алдырат. Үмүтсүздөрдүн көңүлүн көтөрөт. Капалангандарга күн нурундай жылуулук берет. Ошентсе да аны сатып алганга, карызга алганга, сурап келгенге, уурдап кеткенге болбойт. Ал бирөөгө чын жүрөктөн арналмайын, өз алдынча турганда кунсуз эле бир нерсе. Эч нерсең жок болсо да, аны арнап коюунун өзү канчалык сооп. “Сиз мага жагып калдыңыз. Сиз мени бактылуу кылдыңыз. Мен сизди көргөнүмө кубанычтамын” деген сыяктуу сүйлөмдөр менен коштолуп айтылса, куп гана жарашып калат. Бекеринен жылмаюу да садага деп айтылбаса керек!

# Ким күчтүү?

Эркин күрөш боюнча чебер машыктыруучунун көптөгөн окуучулары бар эле. Алардын бири көп жылдардан бери машыгып, үлгүлүү окуучулардын катарын толуктап турчу. Бир күнү эле устатына кайрылып:

– Агай, айтсаңыз мага үйрөтө элек дагы бир нерсеңиз калдыбы, – дейт.

– Мен сага өзүм билген ыкманын баарын үйрөттүм. Эми сен да мен билген өнөрдү билесиң, –деди агайы жылмайып.

Бул сөздөрдү укканда жаш балбандын көкүрөгүнө толо сыймык конуп, өзүн бул өлкөдөгү эң мыкты балбан деп жар сала баштады. Керек болсо канча жыл бою өзүн үйрөткөн атактуу мугалимин да жеңип коё турганын көпчүлүккө айтты. Күндөрдүн бир күнүндө агайына аны менен күрөшө тургандыгы жөнүндө чакырыгын жөнөттү. Бул мелдешти көрүүгө жүздөгөн адамдар келип, устат менен шакирттин тамашасына күбө болуп, аваз кылып карап турушту. Окуучусу чапчаңдыгын, жаштыгын көрсөткөнү менен устат кыйла тажрыйбалуу экендигин далилдеди. “Бөрү карыса, бир койлук алы бар” демекчи, окуучусун буямага келтирбей эки далысы менен жерге жаткырды. Мына тамаша. Бой көтөрүп “жеңем” деп турган окуучу эч нерсеге түшүнбөй бозала эле болуп отуруп калды. Ичиндеги текеберлиги заматта жылас болду. Устатын уялыңкырай карап:

– Агай, сиз өзүңүз билгендин баарын үйрөттүм дебедиңиз беле. Бу кандайча болуп калды? – деди.

– Чынында, мен билген ыкмалардын бардыгын сен да билесиң. Менден күчтүүсүң. Менден жашсың. Сен ыкмаларды мыкты деңгээлде өздөштүргөнүң менен шартка жараша пайдалана албайт турбайсыңбы. Чоң спортко чындап аттанам десең, текеберликтин үстүндө иштешиң керек экен, – деп күлүмсүрөп окуучусун далысынан таптап койду.

# Тебеленген акча да барктуу

Белгилүү психолог өзүнүн семинарын 500 сомдук акчаны элге көрсөтүү менен баштады. Залда 200дөй адам бар эле. Психолог элден “Бул акчаны ким алгысы келет?” деп сурады. Бардыгы буйрук берилгенсип колдорун жогору көтөрүштү.

– Муну кимиңер алсаңар да, алардан мурун мен бир нерсе кылайын, – деп сөзүн улантып жатып акчаны бырыштырып, жерге таштады.

– Эми кимиңер аласыңар? – деп кайра суроо узатты. Бул сапар да баары кол көтөрдү.

– Эмесе, мен муну дагы бир нерсе кылам, – деди. Акчаны жерге таштап бут кийими менен кир жерге ары-бери сүртүп тебеледи. Ошондон кийин гана жедеп бырышып, кир болуп калган акчаны колуна кайра алып:

– Ушундай түрүндө бул 500 сом кимге керек? – деди. Кайра эле элдин баары кол көтөрдү.

– Кымбаттуу досторум, силер бул учурдан жакшы сабак алдыңар. Көрдүңөрбү, колумдагы 500 сомду эмне кылганыма карабай, бул акча өз баасын, кунун жоготкон жок. Кандай болгону менен дагы эле 500 сом бойдон турат. Биз да жашообузда кээ бир учурларда ээрден ыргытылып, тебеленип, кир жерде жатып калган учурлар болот. Бул учурда биз өзүбүздү эч кимге кереги жоктой сезип, чүнчүп калабыз. Бирок эмне болгон күндө да, кандай болгон күндө да сен өз баалуулугуңду эч качан жоготпойсуң. Тазасыңбы же кирсиңби, кийимиң бырышпы же үтүктөлгөнбү, сени жакшы көрүп сыйлагандар үчүн ар дайым баалуу бойдон каларыңды бил, – деген экен.

# Эки жалкоо

Бир өлкөнүн башчысы бир чети көңүл ачкысы келип, бир чети кайрымдуулук иш-чара өткөргүсү келет. Бирок бир шарт коёт. “Бул иш-чарада жалаң жалкоолордун гана курсагын тойгузалы”, – дейт.

Мындай иш үчүн атайын үй салынып, каалагандардын баарын ал жерге киргизип жатышты. Бардыгы жайланышкандан кийин өлкө башчысы үйдү өрттөп жиберүүгө буйрук берди. Оттун жалындап күйгөнүнөн ичиндегилер сыртка сүрмө топ болуп дүрбөп качып чыга баштады. Ичинде экөө гана калды. Бир маалда алардын бирөө экинчисине кайрылып:

– Эмнегедир жонум эле ысый түшкөнсүдү. Эмне болуп кетти, ыя? – десе экинчиси:

– Жөн эле капталыңа торулуп кой. Колуңан келсе, албетте – дейт. Буларды сыртынан карап турган өкүмдар:

– Мына, булар чыныгы жалкоолор экен. Курсагын тойгузгула, – дептир

Бетти даярдаган: ТАЛГАТ ДЕРКЕНБАЕВ



# Замандын аты "застой" болчу

## Белгилүү журналист, коомдук ишмер Бейшенбек Бекешовдун эсселеринен




### Эгемендик эсселери

80-жылдарда Союздун кыйрап калышы кимдир бирөөлөрдүн оюна турсун, түшүнө кирген эмес. СССР деген империя өз элин эле эмес, бүткүл дүйнөнүн тең жармын чеңгелдеп, керек болсо канын чыгара сыгып кармап турган. Союздук республикалар Конституция боюнча эгемендүү өлкөлөр деп жазылып турганы менен жөн гана формалдуу нерсе экенин баарыбыз түшүнчүбүз. Себеби алардын өз алдынча мамлекет болуп бөлүнүп чыгышы иш жүзүндө да, ой жүзүндө да мүмкүн эмес эле. Антикени алардын эч убакта бөлүнбөс уюткусу коммунистик партия – КПСС деген бар болчу. Анын айтканы айткан, денени деген эле. Ооба, ал кезде, сталиндик мезгилдегидей эл душманы деп жарыялоо, репрессиялар, концлагерлер, кишилердин боолап-боолап о дүйнөгө узатуу жок калган. Бирок партия антисоветтик деп жарыялаган кишини мамлекеттик машина сурак-пурак, сот-поту жок эле асфальт таптагычтай тепсеп салат эле. Аты-жыты, бары-жогу билинбей калчу. Айрым Солженицын сыяктуу башы дүйнөгө көрүнүп калган антисоветчиктер менен эле эсептешип, капиталисттик чет өлкөлөрдө абакта жаткан компартия лидерлерине же советтик тыңчыларга алмашылып кетпесе, эркин сүйлөгөндүн баары түрмөдө же жиндиканада болор эле.

Ошентсе да 70-жылдардын экинчи жармынан баштап партиялык-советтик башкаруучулардын ирип-чирий башташына наразылык иретиндеби же ошол кезде эл кеңири колдонуп калган радио кабылдагычтардан уккан "Голос Америки" деген радиостанциянын үгүтүнөн уламбы, айтор коомдо баканооздор, башкача айтканда, КГБ тыңчылары дээрлик азайып, биздин студенттик мезгил ой жүгүртүүгө деле, сөзгө деле бир топ эркин болуп калган.

Бирок ал кезде маселе эркин ой жүгүртүүдө эмес болчу. Маселе кара түндөй уюган коммунисттик пропагандада болчу. Аны бала бакчанын тарбиячысынан, мектептин мугалиминен тартып, профессор, академиктерге, партиянын Борбордук Комитетинин башкы башкаруучусуна чейин камтыган эбегейсиз зор армия жасачу. Эс-акылы бар киши ага каршы иштечү эмес, тетирисинче, ошонун ичинде өз ордун таап, анан акырын кылтыйтып өз жүзүн көрсөтүүгө, дээринде, канында бир нерсеси болсо ага элдин да, улуттун да кызыкчылыгын аралаштырууга аракет жасайт эле. Сталиндик эт туурагычка түшүп кеткен Касым, Жусуп, Төрөкулдарды айтпаганда да, кийинки эле Аалыкем, Түкем, Чыкемдер да ишинин баарын ошентип жасаган.

Куулук-шумдук дегенди билбеген кайран кыргыз ошол кезде Ленинди өз атасындай сүйөт эле. Ленин болбосо Үркүндө тукум курут болот элек деп ошондо эле айтчу. Согушту жеңди деп Сталинди да жакшы көрчү. Аны ак жеринен жамандады деп Хрущёвду жаман көрөт эле. "Маленков берген байталды, Хрущёв чыгып кайта алды", – деп анын чарбалык саясатын да келеке кылчу.

Биздин жаштык Брежневдин заманына туш келди. Анын кыргызга пайда-зыяны болгон жок. Ошондой аракетсиздик үчүн ошол мезгил "застой заманы" аталып калды окшойт. Элдин баарына орден тагып, өзү да орден жыйнап өтүп кетти. Ыңгыранып, КПССтин съезддери менен пленумдарынын баяндамаларын эки күн окуйт эле. Акыркы күндөрүндө сүйлөгөнү андан да жайлап, тим эле киши чыдагыс болуп калган. Куудулдар аны укмуш туурашат эле. Бирок сахнада эмес, көчөдө, үйлөрдө, жатаканаларда. Бирок ошол мезгилдин бир өзгөчөлүгү – Брежневди шакабалап тууругандарды кайсы бир баканооз жеткирип барып, кимдир-бирөө куугунтукталганын уккан жокпуз.

Мына ушул эркиндик биздин муундан башталды окшойт. Бизге чейинкилер оозудорунан бир ашыкча сөз чыгып кетсе сөзсүз элендеп, эки жагын карап алышар эле. Кыргызстанда обкомдун секретарына, азыркы губернаторлукка чейин көтөрүлгөн бир белгилүү кызматкер болгон. Бала-бакырасы бардыр, атын айтпай эле коёлу. Ошол ашыкган аңги чыгып, өзүнө жалгыз-жарым жолуккан келинкыздын бирин калтырбай зордуктап салчу экен. Кыргызстанда гастролдоп жүрүп кабинетине кирген Союздун эл артисти болгон бир эжекени зордуктап, анысы ошондо Орто Азия республикаларын көзөмөлдөп турган, Өзбекстандын башкаруучусу Рашидовго чейин жетип, анан карга карганын көзүн чокубайт болуп араң басылган дешчү. "Айланып кетейин байкебай, бул аялым эмес, кызым эле, кокуй, коё бер!" – деп анын чеңгелине илинип калган кызын арачалап калгандар да болчу деп айтып беришчү улуу муундагылар.



Биз айраң таң калып: "Буга кандай киши чыдайт?! Колуна өлүп бербейби?!" – деп жиндеп чыксак, "Анда мезгил ошондой эле. Кудай жок эле, обкомдун секретары Кудай болчу", – деп шыпшынып кутулушчу улуу агаларыбыз.

### Ботала молдо

Өнүккөн социализмдин Конституциясын жалпы элдик талкуулоо дегенге катышып калдык. Хрущёв убада кылган коммунизмди кура албай турганыбыз анык болду, бирок кантсе да өнүгүп, дагы бир деңгээлге көтөрүлдүк, мурда ар кайсы эл болсок, азыр совет эли деген жаңы тарыхый жалпылык пайда болду, ошол доорду өнүккөн социализм деп атайлы да, анын өзүнө шайкеш боло турган Конституциясын кабыл алалы деген иш эле. Мен марксизм-ленинизм философиясын илимий атеизми менен кошуп чагып окугандардын катарында элем. Азыр сөзмө-сөз эсимде жок, бирок динге долбоордо сунушталгандан да катуураак каршы чыгып, аны "Советтик Кыргызстан" (ушу тапта "Кыргыз Туусу") гезитине жарыяладым.

Айылга келсем раматылык атам таарынат: "Кезитке эмне деп жаздың эле? Молдоке келип, Бейшенбай бул эмне кылганы деп аябай наразы болуп кетти", – деп. Аалымдыгы боюнча Көлдө теңдеши жок Ботала деген молдобуз бар эле. Молдо атпайдын баары сыйлап, кадырлап турчу. Бирок бир да баланы дин жолуна сала албады. Себеби, балдарга жакындаса эле балээге калмак. Ата-эненин баары балдары үчүн жакшылык динде эмес, мектепте деп билчү. Атама элеттиктер эмнени түшүнмөк эле дегендей кайсар кеп айтып кутулдум. Молдоке болсо менин өзүмө бир ооз жаман сөз айткан жок. Билмексен болду. Ал жүзгө чыгып, кийин мен эс-акылыма, ыймангa келген мезгилди көргөнгө чейин жашады. Бирок айылда, айылда тургай бүт өрөөндө беш маал намазды жападан-жалгыз окуп, элибиздин арууу динин үзбөй, кечээги күндөн бүгүнкү күнгө жеткизген такыба адамдын жүрөгүн канчалык канатканымды кийин өзүм саждага башым тийгенде сездим. Ошондо гана шордуу молдокемдин мен үчүн Кудайдан канча жолу ыйман тилеп жалындым дегенине ишендим.

Молдокем ашкан санжырачы, билбеген балээси жок эле. Азыркы Шинжаңдын ордунда 1944-жылы түзүлгөн, Кытайдан да, СССРден да көз каранды эмес, эгемендүү Шаркы (Чыгыш) Түркстан Ислам мамлекети, анын жетекчиси Ахматжан Касими деген уйгур, коргоо министри генерал Ысхакбек Мониев деген кыргыз тууралуу да, төрт жыл бою жашаган ал мамлекет уйгур менен кыргыздын орток мамлекети болгонун, анын өкмөтүн Сталин менен Маоцзедун кеңешип алып, бир кишисин калтырбай чогуусу менен Бээжинге сүйлөшүүгө деп чакырып, кантип самолёттон авария болду кылып жок кылганы тууралуу да биринчи жолу ошо кишиден уккам. 1979-жылы "Ысык-Көл правдасы" гезитинде стажёрлуктан өтүп жүрүп, ошол өкмөттүн тушунда жашаган, Кытайдан СССРге 50-60-жылдары кайтып келген толгон кыргыздар менен сүйлөшүп, бир чоң журналисттик иликтөө жасасам, аны ал гезит тургай бир дагы басылма баспай койгон. Менин жүрөгүмө эгемендүүлүк тууралуу алгачкы эркин ой мына ошентип Ботала молдокем аркылуу салынган.

### Москва университети

Союздун жакшылыктарынын бири Фрунзеде тыңыраак окугандарды борбордук деп аталган жогорку окуу жайларга которушар эле. Мени Москва мамлекеттик университетине которушту. Ал жерде деле өзүмдү окуудан башка эч нерсе билбеген өжөр, ишеними боюнча ашынган марксист катары көрсөттүм окшойт. Бирок студенттердин көбү башкача эле. Биз эзели көрбөгөн кийим, тамак, буюм деген бүт ошол жерде болчу. СССР жылына 36 миллиард долларга Батыш Европага мунайзат сатып, анын көбүн батыштын товарларына айлантып, Москва менен Ленинградды толтуруп койчу. Союздун калган эли ал жакшылыктын бирин көрчү эмес. Мына ошол Батыштын товарлары башын айланткан эл менен окудум. Сабактарды, айрыкча коммунисттик предметтерди баа алуу үчүн гана окушчу. КПСС, анын төбөлдөрү тууралуу жакшы сөз айткан киши жокко эсе болчу. Бирок мунун баары ашкананын айланасындагы гана иштер эле. Өкмөткө, системага каршы уюшуу деген эч кимдин түшүнө да кирчү эмес.

Ар кайсы союздук жана улуттук республикалардан чогулгандар бир топ болуп окудук. Аябай ынтымактуу болчубуз. Чогуу-чаран өткөргөн убактыбыз көп болор



эле. Мен ар бир учурга ылайыктуу кыргыздын элестүү жана тамашалуу макал-лакаптарын таап, которуп элди күлдүрө берет элем. "Шо скажет в таком случае мудрый киргизский народ?" – деп бир тамаша күтүп эле менин оозумду карап калышчу. Көбүнчө өз элинин эч нерсесин билбегендер чогулганбы, ким билет, бирок биздин элде ушуга окшош мындай макал же сөз бар деп атаандашкан деле киши чыкканы эсимде жок. Эмнеси болсо да он чакты улуттун өкүлдөрү ичинде кыргыз эли тууралуу жакшы эле пикир калтырдым го деп ойлойм азыркa чейин.

Москвада менин да, башкалардын да эсинде калган дагы бир улут чечен болду. Муса Магомедов деген чечен жигит бар эле. Окуу деле билчү эмес, баанын баарын сатып алчу. Акчасы көп болчу. Москванын товарын Чечняга ташуу менен алектенчү. Бирок чатакка жакын эле. Айрыкча энесин оозуна алып сөгүнгөн орустардын катыгын берчү. Биздин тим эле кычуубуз канып калчу. Бир талаш-тартышта кимдир бирөө ага чечендер ушунчалык эле кыйын болсо союздук республика болуп албайбы деп айтты. Ошондо ал жарылып кетип, тигини кокодон алып муунтуп туруп: "Сендей бокко жарабаган союздук республика, сендей бокко жарабаган эл болгуча чечендер сыймык менен өлгөндү артык көрөт", – деп айтты. Ошондо тигил (анын атын айтып, улутун кемсинтпей эле коёлу) кыңк этпей туруп берди. Ошол жалгыз чечен жигит эгемендүүлүк сенин атыңда эмес, көөдөнүңдө болорун айтканын анда сезбесем да акыркы орус-чечен согушунда айдан-ачык билдим.

## Партияга өтүү

80-жылдардагы эгемендүүлүктүн номур биринчи маселеси тил эле. Анда кыргыз тили деп ачык айтып чыгуу кайда! Кош тил деп ураан чакырганга араң жарачубуз. Кыргызстандын баш калаасында кыргызча мектептин, бир дагы бала бакчанын жогун айтып куурачубуз. Иш кагаздарын кыргызча жүргүзүү түшкө да кирчү эмес.

Журналисттик билим алганым менен гезиттерден орун чыкпай, эмгек жолумду басма системасында кенже редакторлуктан баштадым. Беш жылда бөлүм башчылыкка чейин жетип, бир топ эле жоопттуу иштерди аткарып калдым. Бирок партияга мүчө болбогон кишинин келечеги анда жок эле. Өзүм өмүр бою даярданган журналистика тармагында партияда жокко андан беш бетер жолдун баары жабык болчу. Интеллигентти болсо партияга эч убакта албайт эле. Ошондо анча-мынча адис жете албаган 180 сомдук маянамды (азыркы 25-30 миң сом болсо керек) таштап, камвол-нооту комбинатына кара жумушчу болуп кирдим. Жумушчуларды болсо эки жылдын ичинде алат эле партияга.

Мага улутчулдук жана мекенчилдик деген сезимдер алгачкы жолу оорудай жуккан жер ошол жер болду. Жумушчулардын ондон тогузу элеттен келген кыргыз жаштары экен. Аларды бир жыл, жарым жыл гана иштетип, анан бир нерсе билип, бир нерсеге түшүнө баштаганда эле кууп кетире беришет экен. Ордуна улам жаңыларды ала берүү системага айланыптыр. Аларды башкарган шаардык орустар менен киргиздерден турган коррупциялык уюшма 20-30 жылдап иштеп, жакшылыктардын баарын (ал кездеги квартира, машина, дача, сыйлык акча, путевка ж.б. толгон нерселерди) ошолор көрөт экен.

Мен буга чыдай албай, жумушчуларды жактап кирдим. Иштеп тапкан мыйзамдуу акчасын да оң бербей, отоп-бутап кууратат экен. Мен иштеген цехтин маянасы жарым жыл ичинде эле мыйзамдуу түрдө 2-2,5 эсеге чейин көбөйдү. Эч ким иштен кеткиси келбей калды. Мени цехтин профкому кылып шайлап алышты. Өзүм да элдин алды болуп, айына 300-400 сом акча таап, бир топ ирденип алдым. Ошол күндөр тууралуу журналист досум Султан Жумагулов "Ай ушу жөн жүрбөгөн Бекешов" деген килейген макала жазып чуу кылган жайы да бар.

Ошентип эки жыл өтүп, партияга кабыл алар күн да келди. Партиялык чогулуш мени партияга алмак турсун, комбинаттан күнчүлүк алыс жерге кууп жок кылыш керек деп чечим чыгарды. Алты киши чыгып сүйлөдү. Баары тең мага улутчул, чатакчыл деген жарлык тагышты. Ошондой болмогун өзүм деле сезгем. Себеби, партия дагы, партиянын жумушчу мүчөлөрү да комбинаттын коррупциялык уюшмасынын колунда болчу.

Ошончо жүргөн соң мен да жөн жүрөт белем. Комбинаттагы уюшкан ууруларды былыгын чукуп туруп, милийсага берип койдум. Анда милиция азыркыдай эмес, башкача иштейт эле. "Ок сенин баланча... жулик, вор..." деп сөгүп-сагып сурап кирди эле, бир жуманын ичинде баары шымдарын булгап салышты. Мен моюндарына койгуч болуп күнүгө тергөөчүнүн маңдайында олтурам... Акыры келишти мага:

– Каалаганың эмне? – деп.

– Менин эмне каалаганымды билбей калдыңарбы? – дейм.

– Сени бир айдын ичинде алалы партияга. Бул ишти эптеп токтот, – дешти.

– Жок, бир ай жарабайт. Эртең даярдангыла да, бүрсүгүнү алгыла. Бирок чогулушта баягы алты кишиден башка эч ким сүйлөбөсүн. Ошондо көрөбүз, – дейм мен.

Алар ошого макул болушту. Чогулушта баягы мени жамандаган алты кишинин бири калбай мени кайра Апендинин кызындай кылып мактап, баштапкы партиялык уюмда мүчөлүккө талапкер кылып бир добуштан кабыл алышты. Милийсаны эми өзүңөр жаап алгыла дедим да ага кайрылып барган жокмун. Милийсага деле мен эмес, тигилердин акчасы керек болчу. Бирок комбинатта андан ары иштөө мүмкүн болбой калды. Мага кекенген уюшкан ууруларын оюу бузук болчу. Бирөөнү токко ургузуп же ийриптытуучу машиналарга чайнатып өлтүрүп коюу анда оңой эле иш болчу. Андай кырсык күнүгө болбосо да ай сайын болуп турат эле.

Ошентип чогулуштун эртесинде эле арызымды жазып, чечим райондук комитетте бекий электе эле иштен бошоп кете бердим. Элдин баары менин кантип партияга өткөнүмдү угуп, олтуруп-туруп күлүп жатышкан. Ошентип өткөн партияга ыраазы элем. Партиянын чыныгы жүзү мен үчүн биротоло ачылган болчу. Эми бул уюмга кайнаса каным кошулмак эмес. Бул 1988-жылдын жайы эле.

## Элдик фронт

Гезит-журналдарга кеңири чыккан материалдарыман уламбы, КТР мени ишке дароо эле кабыл алды. Көкөйүмдөгү улуттук жумушчу кадрлар, кыргыз тили жана кош тил маселелери, репрессияланган инсандар, унутулган жана реакциячыл деп аталган адабий агымдын өкүлдөрү, орусчаланып калган кыргыз жер-суу аттары, кыргыз санжырасы сыяктуу темалардын баары жанар тоодой атылып, эфирге чыкты.

Ошентсе да 80-жылдардын аягында чоң турмушка аттанган жаштардын көкүрөгүн өйүгөн эң чоң маселе өлкөбүздүн чыныгы эгемендүүлүгүнүн маселеси болчу. Ал биздин улуттук өзүн өзү аңдап билүүбүз менен эле чыга калды деп айта албайбыз. Анын басымдуу бөлүгү Балтика боюндагы республикалардын таасири менен калыптанды дегенибиз туура болор. Анда азыркыдай интернет деген жок. Маалыматты расмий партиялык-мамлекеттик булактардан гана алабыз. Таза маалымат жокко эсе. Жалаң иштелип чыккан маалымат жетет. Ошентсе да таза маалыматты түз алып турган мамлекеттик мекемелер да болот эле. Мисалы, Юстиция министрлигине ички колдонуу үчүн деп Балтика боюндагы союздук республикалардын баарынын ошол кездеги түзүлгөн жана түзүлүп жаткан элдик фронтторунун программалары келип түшкөн болчу. Ошолорду анда иштеген Жыргалбек Турдукожоев деген досум бар эле, ошол акырын чыгарып берет эле. Анда ксерокс, компьютер деген да жок. Баарын түнү менен машинкага басып, көбөйтүп чыгам. Бир көчүргөндө үч-төрт нуска араң чыгат.

Чөнтөк телефон да жок. Иштеген иши барлардын иш телефону, ал да он чакты кишиге бирөө, айрымдардын үй телефону болот эле. Телефону жокту автобус, троллейбус менен барып, үйүнөн табат элек. Ошентип өзүм тааныган бир топ кишиге таратып жатып, акыры Мелис Эшимканов экөөбүз сүйлөшүп, эл жыйнамак болдук. Жазуучулар союзунун бир бөлмөсүндө өткөн биринчи чогулушубузга алты бала келди: Тынчтык Чоротегин, Сүйүнбек Касмамбетов, Алмаз Акматалиев, Мелис Эшимканов, Райкан Төлөгөнов жана мен. Балтика боюндагы республикалардын программаларынын үчөөнүн тең өзүбүз алгылыктуу деп эсептеген пункттарын жыйнап, Элдик фронт түзмөй болдук. Бирок пикирлештерди көбөйтөлү деп чечтик. Кийинки чогулушбузга он чакты жигит келди. Калпычы болбоюн, ким-кимдер кошулганын так эстей албай жатам. Анда да баягы эле өлкөнү толук эгемендүүлүккө жеткирүү максатын көздөгөн Элдик фронт түзүү маселесин талкуулап, дагы эмне кылууну болжоштук.

Бирок анывыз КГБ аркылуу жогору жакка жетип калды. Менден акылдуу киши жок, баарын сөз менен, тилим менен жеңем деген Горбачёвдун текебердиги СССР деген организмге жугуштуу оорудай эле жугуп, бул иште күч структураларын иштетүү оңой болбой калган. Медеткан Шеримкулов агайыбыз Кыргызстанда партиянын идеология боюнча секретары эле. Ал киши да бизди жалаң жүйө менен жайлайм деди окшойт, кайра-кайра чакырып жатып алды. Кантсе да билимдүү, тажрыйбасы ошондо эле мол киши, чогулуп барсак эптеп теңтайлашабыз. Жалгыздап чакырса анын аргументтерине эч кимибиз туруштук бере албайбыз. Ошентип Медеткан агай баарыбызды эжигейдей эзип жатып алды. Болгон талабы Элдик фронт дегенди түзбөгүлө, ал эч качан жакшылыкка алып келбейт дейт. Бирок ушу киши бирибиздин да иштеген жерибизге айтып, ушуларды кыскыла дебегенин, бизге таасир этүү үчүн күч структураларын пайдаланууга аракет да кылбаганын адилеттүүлүк үчүн айтып коюшубуз керек.

Ошентсе да Медеткан агай эч кимибизди муюта албады. Фрунзе музейинин маңдайында комсомолдун бир мекемеси бар эле. Элдик фронттун үчүнчү чогулушу ошол жерде болду. Ага 50дөн кем эмес киши келди. Аны ушул ишти баштаган баягы беш-алты жаш жигит башкарып кеттик деп айта албайм. Биз эзели көрбөгөн, аты-жытын билбеген да кишилер жүрдү. Элге төбөсү көрүнгөн аттуу-баштуулар да келди. Уюмдун, кыймылдын аты элдик фронт эмес, башкача болсун деген сунуштар айтылды.

Ошентип баарыбыз чоң даярдык менен КДКнын Кыргыз драма театрында чогулган биринчи уюмдашуу чогулушуна бардык. Казат Акматов менен Жыпар Жекшеевди мен биринчи жолу ошол жерден көрдүм. Жумагазы Чоң Аюулар жер басып алуу кыймылын түзүп, "Ашар" менен алек болуп жүрүшкөн. Алар да КДКнын бир канаты болуп кириштi окшойт. Ошентип толгон кишиден КДКнын башкармасы шайланды. Ага мени да сунуш кылышты. Ошондо кол көтөрүп ордуман туруп: "Урматтуу туугандар! Менин коммунистик бийликке альтернатива боло турган, атаандаша алган коомдук күч түзүү деген бир эле максатым бар эле. Бүгүн мына ошол ишке ашты. Муну менен бийлик эми эсептешпей коё албайт. Мен журналистмин. Журналист деген акыйкат, адилет жана бейтарап болбосо журналист боло албайт. Ошондуктан журналист эч бир кыймылга же партияга кирүүгө тийиш эмес. Мен силерге ыраазымын. Мени эми бул кыймылдын башкармасы тургай, өзүнөн да чыгарып коюшуңуздарды сурайм. Ишиңерге ийгилик каалайм", – дедим да ушунчалык канагат алып, рахаттанган жаштык ой-сезимиме мас болуп кете бердим.

"Азаттык" сайты уюштурган Эгемендик-25 конкурсунан алынды



# УЗАК ЖОЛ

**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

*(уландысы)*

Жалпак тебетейин көзүнө кийип, күнөөлүү кишиче салбырап, «менин ордум ушул болот» дегендей акырын гана кирип, кой сойгон жигитке таяй барып, эшиктин так алдына келип отурду. Жигит от ичкерештирип жатып бир топтон кийин жолоочуга карап:

— Баатыр, кайдан? —дегендей болду өзгөлөргө угузбай, жолоочунун өзү гана уккудай кылып, акырын. Жолоочу төр жакты чала-була бир чолуп карап алды да:

— Жасоолго ат мингизип, ошонун артынан жүрөм,— деди.

— Качан минди эле?

— Көп болду, бүгүн он сегиз күн. Бул экөөнүн сөзүн менден башка байкап отурган жан жок эле.

— Анда сенден бирдеме үмүт этип жүрсө керек,— деди жигит, бир аз унчукпай калгандан кийин.

—Анысын мен да билип жүрөм. Бирок жанымда жалгыз тыйыным жок. Ээр токумумду көтөрүп, өзүм талаада жөө калдым. Катыным оокас эле, он беш күндөн бери анын эмне болгонунан да кабарым жок. Жакада оокаттарым бир жактан ээсиз калды. Өзүм жалгыз боймун...

— Үйүң кайда?

—Кең-Сууда. Ошол өрдөштөн жакадагы оокатыма түшүп келем деп мингизип жибердим. Өзү чекеме бүткөн жалгыз ат. Быйыл эки жакка да көп минбей көзүнө карап, багып-жүрдүм эле, аягында минтип кырсык чалып алды...

Көмөрөсүнөн түшүп уктап жаткан Бала Курман бая бир жагына оонап кеткенден кийин ойгонуп калган. Бир кезде уйкудан абдан ойгонуп, оозун кең ачып, керилип, эстеп алды да жамбаштаган бойдон жатып:

— Тиги эмне жүрөт? — деп уйкудан жаңы бошоп, канталаган, сүрдүү көзү жолоочуга кадала түштү.

Жолоочунун жанында отурган үйдүн жигити:

— Атына келиптир,— деди үнүн калыбынан көтөрүбүрөөк чыгарып, элге угуза. Ошондо Бала Курман унчукпай гана ордунан шашпай туруп, ирегеде шалпайып отурган кишинин так желкесине келди да, төбөсүнөн тик ылдый карап туруп:

— Ат керекпи?! — деп кекээр сөзү менен эки бөйрөгүн таянып кайкайып тура калды. Жолоочу:

— Уруксат болсо...— деп акырын гана күңк этти да жок болду. Ошондо Бала Курман жолоочуну шилиден ары келтирип туруп, эки тепти да, чалкасынан салды.

— Ме саган ат! — деп чалкасынан жаткан кишини эки колдоп жаактан ары алмак-салмак салгылады. Мен жакын отурат элем, тигилердин эпкини келип тийгенде атып тура бердим. Жолоочу бир кезде колу менен башын коргоюн деди эле:

—Тим кой, ушул жатканың оңой! —деп какшыктап, колун кагып жиберди. Ыкылдата келип курсакка тепти. Уруп жатат, уруп жатат...

Көптөн кийин төр жаткан кимиси:

— Болду, кой эми,— деди сабырдуу дабышы менен. Бала Курман коймок эмес эле, бирок чарчагандан кийин токтоду көрүнөт. Урганын токтотту. Киши көптөн кийин ордунан туруп: «жолуңар болгурлар, ушунчаңар туруп, бириң арачалап койбодуң» деген кишидей болуп бети-башын сыйпалап көрүп, ар кайда жаткан тебетейин, топусун терип кийди да кектүү жүз менен ачуусу кайнап, тишин кычыратып, ошол замат чыгып кетти. Ал чыгып баратканда бирөө:

— Эт жеп кет,— деп унчуккандай болду. Буга жооп да болгон жок. Кайта бул сөз ага какшык көрүнүп, ого бетер жанына жайсыз тийди. «Өлбөсөм бир жерде кезигишээрмин!» дегендей кылып, ичинен кекенип кетти. Эт бышып калган. Эми жыргамак болуп жатканда, Карпык мага карай:

— Тур, конокторго суу куй,— деп буйрук этип калды. Коноктор ордунан козголуп, бир даары чапанын чечип, жеңилденип, оңдонуп отуруп жатты. Эми ары жагында деле, айта коёрдук неме жок, конокторго табак тартылгандан кийин, мага бир кескен карын, бир түйүм ичеги, моюндун бир омурткасы тийгенин гана бир билдим. Элге шек алдырбай карынды жеңиме кымырып койдум. Анткени мен качан да бир кой сойгон үйгө барып келгенде: — Эмне алып келдиң, кичи дей турган үйдөгүлөрдүн карызы эсимде болучу. Карындан башкасын тез кайсап жибердим да карап калдым. Бирок бул жолу жаңылышканымды артынан сездим. Анткени, жакында бирөө мага устукан бере койгон жок. Эт чыгарган жигит казандын жанында отуруп бир карап алды да, кайра мени менен жумушу болбой кызыктырып жей берди. Ушул мүнөттө жалгыз мен карап калганыма ызаланып, «колумдагыны үнөмдөп жебей» деп ойлонуп калдым. Өзүм тик карабаганым менен көзүмдүн кыйыгы элде. Көптөн кийин элдин мен жак четинде отурган бир буурул сакал ууртунан майын чубуртуп чайнап жатып мени көрүп калды да, тагдырыма түшүнө койгондой:

— Ме,— деп чала мүлжүгөн жиликти сунду. Жанда жок элпектик менен атып турдум. Абийирим эми кичине жабылгандай болду. Эл этти жеп болгондон кийин «эми эмнеси калды дейсиң» деп ойлоп, мен жылып жүрө бердим. Тыш караңгы экен, мына бул алдымда тырс-тырс оттоп, караңдаган эки жылкы жүрөт. Биздин үй эбак жатып алса керек. Мен алачыкка жакындай бергенде кемегенин жанында, төрт бутун койнуна чогултуп, үрпөйүп жаткан барак жүн көк дөбөт тура калып, жазыктуу немече көзүн жалдыратып, шыйпаңдап мага жетип келди. Менин бечаралыгым менен иши жок байкуш жеңимдеги карындын жытын билип, «ушундан бир үзүп берчи» дегендей, жан-алы калбай ар жак, бери жагыма чыгып, куйругун булгалап коёт. Алачыкта абышка, кемпир гана калып, башкалар тышта жаткан экен. Мен төрт балага бир салынган өз төшөгүмдү таап алдым да, жылуу төшөктүн бир четин билдирбей ачып, жанга шырп алдырбай барып жылаандай жылып кирип кеттим...

## X

Бүгүн баарыбыз үйдө элек. Түшкө жакын убакыт болучу.

— Күндө бир убак ысык уртабасам бүткөн боюм курушуп туруп алат,—деп Элебес күндөгү маалында мулук кара кумганга чай кайнаттырып алып ичип олтурган. Күндө ушул убакыт ченде бир маал талкан салып, чай ичип алганда боргулданып, бүткөн боюнан тер кетип жыргап калаар эле. Бурмаке анын маңдайында, жалгыз чыны менен чүмчүлөп чай куюп берип отурат. Калганыбыз союп жаткан малдын кан-жинин аңдып турган иттердей, андасанда көзүбүздүн кыйыгын салып коюп ушул чөйрөдөн кетпей тооруп отурабыз. Элебестин алдында жайнап турган «дүрдүйнө»—сүткө көөлөнгөн бир чөйчөк талкан! Баарыбыздын баятан аңдып отурганыбыз ушул.Ал кезде биздин эң ардактуу тамагыбыз — талкан эле. Алар качан чай ичкен сайын биз көзүбүздү жалдыратып карап отургандан кийин Элебес бир кезде сыйрасы менен алаканыбызга бир кашыктан талкан салып берип коюучу. Талкандуу кашык келип колубузга тийгенде анын ичине талкан жабышып, кайра кетип кала тургандай кашыктын учун бир топко бошотпой, колубузду батыра кырып жуктап кетебиз. Ошого чоң канаат кылып бир кашыктан талкан колубузга тийгенден кийин Элебестин жанында Бурмаке менен Жумабек гана калып, башкабыз туш-тушка тарап басып кетүүчүбүз. Беккул бир кезде бу жактан энчисин алгандан кийин ирегеде жаргылчакка талкан тартып отурган Жанымжандын жанына тоорулуп барып отуруп калды. Аны көрүп Бейшемби Жанымжанга карап:

— Алдыгыңдан Беккулга бир уучтап берип койчу,— деди, төрдө бүкүндөп насыбай ийлеп отуруп. Күрүлдөгөн жаргылчак дабышынан укпай калдыбы, жок атайы ошенттиби, айтор Жанымжандан жооп болгон жок.

— Уучтап бер дейм, ой! — Бейшемби жана бир унчукту. Калып өзгөргөн жок. Ошенткенде, Бейшембинин ачуусу келе түшүп:

—Атаңдын көрү ит, сени жебесем эле!.. —деп керегеде турган камчысын көздөй жутунганда тагыбын көтөрүп алып Жанымжан эшикти карай жөнөдү.

*(уландысы бар)*


**САРЕСЕП**

коомдук-аналитикалык гезити

ЖАЗЫЛУУ БАРАКЧАСЫ

Жазылуу жүргүзгөн киши ____________________
Телефону ____________________

**Абонент туралуу маалымат**

Аты-жөнү ____________________
Дареги ____________________
Болжолдуу жайлар ____________________
Телефону ____________________
Кесиби ____________________
Төлөмү ____________________
Колу ____________________
Күнү ____________________

**Урматтуу окурман!**
Саресеп гезитине жазылуу башталды. Бул дүмүрчөктү толтуруп, сүрөтүн вотсаптан салыңыз. Акчасын Эл-сом аркылуу 0555 204 571 номуруна жиберсеңиз болот. Жазылуу баасы: 1 жылга 700 сом, жарым жылга 350 сом

**Эскертүү:** Урматтуу абонент, эгер гезит баруучу дарегиңиз өзгөрө турган болсо редакцияга алдын ала кабарлап коюуңузду өтүнөбүз.

**Редакциянын дареги:**
Бишкек шары, Фрунзе көч., 387(Карпинка көчөсү менен кесилишет). 1-кабат 0(312)680734
**Э-почтасы:** saresepkg13@gmail.com
**Интернет баракчасы:** www.saresep.kg
**Фейсбук:** https://www.facebook.com/saresep.geziti.3



MAGNAT ТАКСИ

Шашылганда шап келет

1496

0772 89 55 77

Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77

БАШТАЛЫШЫ 40 сом

АР БИР ЧАКЫРЫМГА 10 сом

Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!

